USAID
ОТ АМЕРИКАНСКОГО НАРОДА

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНДА АК НИЕТТҮҮ БАШКАРУУ

# КОЛДОНМО

**айыл кеӊештеринин депутаттары, финансисттер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери жана жарандык сектордун өкүлдөрү үчүн**

БИШКЕК – 2019 ж.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНДА АК НИЕТТҮҮ БАШКАРУУ

Автор: Болтобаева Венера Мурзаевна, укуктук эксперт

Рецензент: Саякбаев Т. Дж., экономикалык илимдердин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын ага окутуучусу

Колдонмо USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоорунун алкагында даярдалды.

Бул колдонмо Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Колдонмонун мазмуну үчүн DAI Global LLC жооптуу жана ал USAID же Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн көз карашын сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.

## МАЗМУНУ

Киришүү ........................................................................................................ 5

I. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ак ниеттүү башкаруу принциптерин кармануусу ........................................................................................................ 7

1.1. Ак ниеттүү башкаруу жана укуктук мамилелер системасында анын орду ........................ 7

1.2. Коррупция түшүнүгү, коррупциянын келип чыгуусунун себептери жана классификациясы ........................................................................................................ 8

1.3. Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн укуктук механизмдери жана институционалдык негизи .10

1.4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ак ниеттүү башкаруу боюнча ишмердүүлүгү (ЖӨБ органдарында коррупциянын алдын алуунун/ага каршы аракеттенүүнүн негизги ыкмалары). Муниципалдык кызматкерлердин милдеттери, чектөөлөрү жана жоопкерчиликтери. Кызыкчылыктардын кагылышы. Муниципалдык кызматкерлердин этикасы. ........................ 13

II. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүү. Алардын текшерүүлөрдү жүргүзүүдөгү ыйгарым укуктары, укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери . 18

2016-жылдын 31-мартындагы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы боюнча ЖӨБО ишине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн түрлөрү, негиздери жана шарттары ........................................................................ 20

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-июлундагы №417 токтому менен бекитилген Ишкердик субъекттерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата укук коргоо жана салык кызматы органдары тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү каттоонун убактылуу эрежелерине ылайык ЖӨБОнун ишине текшерүүлөрдүн түрлөрү ............................ 24

III. Ак ниеттүү башкаруу жана ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүүнү жүргүзүү чөйрөсүндө мыйзам ченемдерин жүзөгө ашыруу боюнча типтүү суроолордун топтому.................. 38

1-суроо. КККК (коррупцияга каршы коомдук кеңештер) ЖӨБ органдарын текшерүүгө укугу барбы? ........................................................................................................ 38

2-суроо. Текшерүүчү органдар ЖӨБ органдарын кечки убакытта жана жумуш убактысынан тышкаркыубакытта текшере алышабы? ........................................................................ 38

3-суроо. Мамлекеттик экотехинспекциянын текшерүүсү 6 айга созулду. Бул жагдайда текшерүүчү органдын иш-аракеттери укук ченемдүүбү? ................................................. 39

4-суроо. Текшерүүлөрдү каттоонун журналында пландык текшерүүлөр гана катталат. Пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүүдө текшерүүчү органдардын бул журналга катталуудан баш тартуусу укук ченемдүүбү?........................................................................ 40

5-суроо. ЖӨБ органдары жеке компаниялардын (ЖЧК) ишмердүүлүгүн текшере алабы? Эгерде текше алса, кандай учурларда? ........................................................................ 40

6-суроо. Райондук прокуратуранын өкүлдөрү менен чогуу келген жеке аудиторлор (жеке компаниялар), эгерде ал аудиторлордун фамилиялары прокуратуранын буйругунда көрсөтүлбөсө, ЖӨБ органдарын текшерүүгө укугу барбы? ........................................................... 41

7-суроо. Мамэкотехинспекция ЖӨБ органын текшерүү үчүн райондук прокурордун буйругун алышы керекпи? ........................................................................................................ 41

8-суроо. Муниципалдык кызматка байланыштуу кандай чектөөлөр бар?............................ 42

9-суроо. ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүүдө текшерүүчү органдар үчүн кандайдыр-бир чектөөлөр барбы, же алардын ыйгарым укуктары чектелген эмеспи? ......................... 44

10-суроо. Пландан тышкаркы текшерүүлөрдү өткөрүүдө текшерүүчү органдар ЖӨБО ишмердүүлүгүн текшерүүнү үчүн буйрук алышы керекпи? ................................................ 45

11-суроо. Айыл өкмөтүндө коррупциянын алдын алуу маселелери ыйгарым укуктуу адамдын функциялары жана ыйгарым укуктары кандай? .................................................... 46

12-суроо. Биздин кызмат орундарыбыз үчүн корруциялык тобокелдерди кандай жол менен аныкташыбыз керек, эгерде бизде аларды так түшүнүү жок болсо? ........................................... 48

Ченемдик укуктук актылардын тизмеси ..................................................................... 50

Башка булактар ........................................................................................................ 51

Кыскартуулардын тизмеси ........................................................................................ 52

Глоссарий.................................................................................................................. 53

1-тиркеме .................................................................................................................. 55

2-тиркеме .................................................................................................................. 61

# КИРИШҮҮ

Ушул «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ак ниеттүү башкаруу» колдонмосу (мындан ары «Колдонмо» USAIDдин «Ийгиликтүү аймак» долбоорун жүзөгө ашыруунун алкагында даярдалды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында сунуштарды жана көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуунун натыйжасы болуп саналат.

Бул Колдонмонун негизги максаты жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБО) жана жарандык сектор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун контекстинде ак ниеттүү башкаруунун принциптерин жалпы түшүнүүсү болуп эсептелет.

Колдонмо ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн жүрүшүндө мыйзам менен аныкталган аспаптарды толук кандуу колдонуусуна жардам берүү үчүн арналган жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн керек болгон кошумча ресурс катары колдонулушу мүмкүн. Бул басылманын материалдары ЖӨБ органдары тарабынан иш жүзүндө жана ошондой эле маалыматтык максаттарда колдонолушу мүмкүн.

Ошол эле учурда Колдонмо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн ак ниеттүү башкаруу боюнча толук документ болуп саналбайт, анткени анда «ак ниеттүү башкаруу» коррупцияга каршы аракеттенүү жана текшерүүчү органдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүүсү контекстинде каралат. Анткен менен ушул Колдонмодо келтирилген материалдар мамлекеттик органдардын кызматкерлерине, жарандык коомдун уюмдарынын жана институттарынын өкүлдөрүнө жана башка кызыкдар тараптарга кызыктуу болушу мүмкүн.

USAIDдин “Ийгиликтүү аймак“ долбоорун жүзөгө ашырууга катышкан Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Жалал-Абад областтарынын 32 пилоттук муниципалитеттери өзгөчө ыраазычылык билдиребиз. Себеби  кошумча билимдерге жана ык-амалдарга муктаждыктарды, ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүү учурунда келип чыккан кыйынчылыктарды изилдөө этабында, ошондой эле практикалык тренингдерди өткөрүү учурунда документтердин - ЖӨБ органдарынын ак ниеттүү башкаруу боюнча иш-чаралардын планынын типтүү үлгүлөрүн түзүү жана ЖӨБ органынын айрым аткаруу кызмат орундары үчүн коррупциялык тобокелдердин тизмесин аныктоо этабында Колдонмонун иштелип чыгарылышына алар чоң салымын кошушту.

## КОЛДОНМО ҮЧ БӨЛҮКТӨН ТУРАТ:

Биринчи бөлүктө «ак ниеттүү башкаруунун», «коррупциянын» теориялык аспектилерин сыпатталат, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ак ниеттүү башкаруу принциптерин  жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мыйзам менен аныкталган чараларды сактоо эрежелери каралат.

Экинчи бөлүк жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүү, текшерүүлөрдү жүргүзүүдө алардын ыйгарым укуктары, укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери темасына арналган, ошондой эле алардын ишмердүүлүгүн текшерүүдө ЖӨБ органдарынын иш-аракеттеринин алгоритми камтылган.

Үчүнчү бөлүктө ак ниеттүү башкаруу жана ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүүнү жүргүзүү чөйрөсүндө мыйзам ченемдерин жүзөгө ашыруу боюнча типтүү суроолор жана жооптор келтирилген (Колдонмодо келтирилген суроолор бул тематика боюнча алардын керектөөлөрүн изилдөөнүн жүрүшүндө пилоттук муниципалитеттер тарабынан берилген).

Колдонмо тиркемелер менен толукталып, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары документтерди иш жүзүндө иштеп чыгууда үлгү же негиз катары колдонуусу үчүн документтердин типтүү үлгүлөрү мисал катары келтирилген.

## I. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ АК НИЕТТҮҮ БАШКАРУУ ПРИНЦИПТЕРИН КАРМАНУУСУ

### 1.1. Ак ниеттүү башкаруу жана укуктук мамилелер системасында анын орду

*Эгерде Сиз туура түрүм-турумдун үлгүсүн көрсөтсөңүз, ким өзүн туура эмес алып жүрүүнү улантууга батына алат? (Конфуций)*

Ак ниеттүү башкаруу жарандардын сапаттуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө, ресурстарды жоопкерчиликтүү башкарууга бирдей жеткилигин камсыздоо үчүн укуктук, демократиялык, адилеттүү, натыйжалуу жана талаптагыдай шарттарды түзүү боюнча фундаменталдык база болуп саналат жана өзөктүү мааниге ээ. Ошондой эле ак ниеттүү башкаруу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жарандардын ишенимин жогорулатууда маанилүү, анткени жарандардын ишеними ар-

кылуу өз алдынча башкаруу системасынын институционалдык туруктуулугу камсыздалат. Ак ниеттүү башкарууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндө мыйзамдуулук, айкындуулук, отчеттуулук жана жоопкерчиликтүүлүк принциптери сакталат.

«Мамлекеттик башкаруунун көз карашынан алганда “ак ниеттүү башкаруу” жалпы укуктук принцип сыяктуу тышкы жана ички өлчөөгө ээ. Тышкы – бул мамлекет менен жеке жактын ортосундагы мамилелер. Ички – бул мамлекеттик башкаруунун ички уюштурулушу. Эки учурда тең түшүнүк кыйла кууш жана кыйла кеңири мааниде колдонулат.

Ак ниеттүү башкаруунун тышкы өлчөөсү кеңири мааниде биз административдик процесстин принциптери катары аныктаган жалпы укуктук принциптерди камтыйт. Ал эми тар маанисинен алып караганда, өз алдынчалык принциби кошулат»[1].

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде ак ниеттүү башкаруу жаатында натыйжалуу саясатты түзүү жана жүзөгө ашыруу үчүн тийиштүү стратегияларды жана программаларды иштеп чыгуу, мыйзамдарды жана башка ченемдик-укуктук актыларды кабыл алуу жетишсиз. Аларды жүзөгө ашыруу боюнча, муниципалитеттердин деңгээлинде ак ниеттүү башкаруу саясатынын «айкындуулук», «ачыктык», «отчеттуулук», натыйжалуулук жана жыйынтыктуулук», «мыйзамдуулук», «социалдык адилеттүүлүк жана жоопкерчиликтүүлүк», «жергиликтүү коомчулуктардын мүчөлөрүнө коомдук маанилүү чечимдерди кабыл алуу процессине катышууга мүмкүнчүлүк берүү» сыяктуу принциптерин жайылтуу боюнча механизмдерди аныктаган укуктук мамилелердин системасын түзүү зарыл.

Жарандардын муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана ресурстарга жеткилигин камсыздоого байланыштуу укуктук мамилелердин ар кандай системалары жана ак ниеттүү башкаруу боюнча моделдер жана ык-амалдар бар. Анткен менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде ак ниеттүү башкаруу саясаты кандай жол менен жүзөгө ашырылышы; анын институционалдык жана уюштуруучулук системалары түзүлүшү керектиги тууралуу универсалдуу принциптер жана стандарттар жок экендигин белгилеп кетүү зарыл. Ошол эле учурда, укук мамилелердин бул системалары жеткиликтүү ресурстарды, өнүккөн инфраструктураны жана заманбап инновациялык маалыматтык технологияларды колдонуу менен, жынысына, улутуна, расасына, социалдык, жаш-курактык жана мүлктүк абалына көз карандысыз, сапаттуу муниципалдык жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алууга жарандардын бардык укуктарын натыйжалуу жана иштиктүү камсыздашы зарыл.

## 1.2. КОРРУПЦИЯ ТҮШҮНҮГҮ, КОРРУПЦИЯНЫН КЕЛИП ЧЫГУУСУНУН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

«Ак ниеттүү башкаруу» - көп кырдуу жана көп фактордуу түшүнүк, жана анда жарандардын сапаттуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткилигин камсыздоо процесси гана эмес, коомдун жашоосунун көптөгөн башка чөйрөлөрү да камтылат.

2012-жылдын 8-августундагы №153 «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинде «коррупция» түшүнүгүнүн аныктамасы (КР 2017-жылдын 18-мартындагы №46 Мыйзамынын редакциясында): «коррупция» - бийликтик ыйгарым укуктарга ээ болгон бир же бир нече кызмат адамдарынын айрым адамдар же топтор менен материалдык, кандай болбосун башка жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу, ошондой эле алар тарабынан бул жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды жеке жана юридикалык жактарга берүү, коомдун же мамлекеттин кызыкчылыктарына коркунуч түзүүчү укукка каршы туруктуу байланыштарды түзүүдө атайылап жасалган жосун»[2].

КР Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы № 26 Жарлыгы менен бекитилген, КРдин Коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясында коррупция түшүн8гү төмөнкүдөй аныкталган: «көп учурда конкреттүү укук бузуулар түрүндө чагылдырылган социалдык көрүнүш, ал паракордук же мамлекеттен жана жарандардан материалдык баалуулуктарды уурдоо гана эмес, ал финансылык жана материалдык ресурстардын ири коррупциялык жүгүртүүлөрүн камсыз кылуучу, мамлекеттин контролдугунан тышкары коомдогу экономикалык жана социалдык мамилелердин бүтүндөй системасы».[3]

[1] Латвия Республикасынын Омбудсменинин веб-баракчасы, «Ак ниеттүү башкаруу тууралуу», http://www.tiesibsargs.lv/ru/pages/prava-cheloveka/dobrosovestnoje-upravlenije/o-dobrosovestnom-upravlenije

[2] 2012-жылдын 8-августундагы №153 “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренеси, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203753/40?cl=ky-kg&mode=tekst .

[3] Кыргыз Республикасынын Коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясы, Преамбула, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/94445/10?cl=ky-kg&mode=tekst .

**1-киргизме**

Коррупция феноменине түшүндүрмөнү Р.Клитгарт түзгөн (Заманбап изилдөөлөрдүн институту, АКШ) . Ал, “Коррупция – бул монополия, аракеттердин эркиндигин кошкондо, жоопкерчиликти кемиткенде” деп айткан.[4] Башкача айтканда, бирөөдө чечимдерди кабыл алууга монополия, ошондой эле керек деп эсептегенин жасоо эркиндиги, т.а. эч кимдин алдында отчет бербестен өз кызыкчылыгы үчүн аракеттенүү талап кылынат. Р. Клитгарддын пикири боюнча, коррупциянын пайда болуусун коомдун турмушунун чөйрөсүнө (саясат, бизнес, саламаттыкты сактоо) карабастан, универсалдуу формула түшүндүрөт.

**К= М + Д - П,**

мындай ***К — коррупция; М — монополиялык бийлик; И - чиновниктердин аракеттеринин эркиндиги; О - отчеттуулук, жоопкерчилик***[5]**.**

Коррупция адатта, ар кандай формаларда болот, мисалы:

- паракорлук - мамлекеттик жана муниципалдык кызыкчылыктарга каршы жасалган кылмыш жана параны алууну да, берүүнү да түшүндүрөт;
- тууганчылык - кесипкөйлүк сапаттарын жана тандоонун аныкталган критерийлерин эске албастан, досторуна, туугандарына, тааныштарына өзгөчө жеңилдиктерди жана артыкчылыктарды берүү менен коштолгон коррупциялык көрүнүш, мисалы, тендерлерди өткөрүү учурунда же жумушка кабыл алууда;
- көтөрмөлөө (сүрөмөлөө) - колдоочулук, айрым монополиялардын кызыкчылыгын коргоо;
- коомдук байлыктарды, ресурстарды жана фонддорду мыйзамсыз бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү;
- жеке максаттарда коомдук ресурстарды мыйзамсыз менчиктештирүү, колдонуу жана тейлөө (мисалы: мыйзамсыз менчиктештирүү, жеңилдик берилген насыяларды, тапшырыктарды берүү);
- опуза талап - бирөөнүн жеке менчигин өткөрүп берүүнү мыйзамсыз талап кылуу, рейдерлик ж.б.

**Коррупциянын классификациясы.** Адабиятта коррупциянын ар кандай классификациясы келтирилет. Мисалы, коррупцияны төмөнкүдөй негиздер боюнча классификациялоого болот:

- көрүнүш чөйрөлөрү боюнча:

- соода, экономика чөйрөсүндө - экономикалык;

- саясий – мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө, жалпы саясий чөйрөдө (электоралдык – шайлоочуларды же шайлоо процессинин уюштуруучуларын пара берип сатып алуу; парламенттик, партиялык – парламентарийлерди же партиялык боссторду көмүскө каржылоо жолу аркылуу кызыкчылыктарын жактоо ж.б.);

- экология чөйрөсүндө ж.б.

- субъекттердин статусу боюнча (коррупциялык иштерди жасагандар):

- мамлекеттик (бюрократиялык) коррупция (мамлекеттик чиновниктер, ар кандай деңгээлдеги мамлекеттик кызматчылар),

- коммерциялык (фирмалардын менеджерлери, ишкерлер),

- саясий (саясий ишмерлердин коррупциясы).

Коррупциялык мамилелердин борборлошуу деңгээли боюнча – борборлошпогон (ар бир пара алуучу өз демилгеси менен иштейт), борборлошкон коррупция “төмөндөн – жогору карай” (төмөн турган чиновниктер тарабынан туруктуу негизде чогултулуучу пара, өз ара жана жогору тургандар арасында бөлүштүрүлөт), борборлошкон коррупция “жогорудан төмөндү карай” (жогору турган чиновниктер тарабынан чогултулган паралар, кол астындагыларга жарым – жартылай берилет)»[6]

---

[4] Klitgard R., MacLean-Abaroa R. Corrupt cities: practical guide and prevention. Chapter 11 «Formulating a strategy» and Chapter V «Implementing reform». California, Oakland: Institute for Contemporary Studies, 2004. стр. 8.

[5] Klitgard R., MacLean-Abaroa R. Corrupt cities: practical guide and prevention. Chapter 11 «Formulating a strategy» and Chapter V «Implementing reform». California, Oakland: Institute for Contemporary Studies, 2004. стр. 8.

[6] Качкина Т.Б. Качкин А.В., Коррупция жана ага каршы аракеттенүү стратегиясынын негизги элементтери: окуу куралы, Ульяновск: «Печатный двор», 2010, 23-бет. http://education.simcat.ru/school1/files/1413122148_uchebnoe_posobie.doc.

**ЖОСУНДУН МҮНӨЗҮ БОЮНЧА:**

- Кылмыштык
- Легалдуу
- Жазыктык

**КОРРУПЦИЯЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ЖАЙЫЛУУ ДЕҢГЭЭЛИ БОЮНЧА:**

- **Томон жактагы** (бийликтин төмөнкү жана орто эшелонунда)
- **Ойдо жактагы** (жогорку кызматтагы чиновниктер жана саясатчылар)
- **Эл аралык** (дүйнөлүк мамилелер чөйрөсүндө)

[7]

Жогорку жана төмөнкү коррупция бар, бирок ар кайсы чөйрөдө ар кандай кездешет: саламаттыкты сактоодо, билим берүүдө, турак жай – коммуналдык чөйрөдө, укук коргоо чөйрөсүндө (милиция, автоинспекция), салык жана ар кандай жыйымдар (айыптар) жаатында, аскердик кызмат өтөөгө чакырууда, ишмердиктин ар кандай түрлөрүнө уруксат берүүдө, мамлекеттик кызматтар тарабынан контрол жүргүзүүдө»[7].

**Причины возникновения коррупции:**

| | |
|---|---|
| **Коррупциянын экономикалык себептери** | мамлекеттик кызматчылардын эмгек акысынын төмөн болушу, ошондой эле фирмалардын жана жарандардын ишмердигине таасир тийгизүүгө алардын жогорку ыйгарым укуктары. Кандайдыр бир дефициттик жыргалчылыктарга чиновниктердин ээлик кылууга кеңири ыйгарым укуктары болгон жерде коррупция өркүндөйт. |
| **Коррупциянын институттук себептери** | мамлекеттик ведомстволордун ишинин жогорку деңгээлде жабык болушу, ири отчеттук системасы, мыйзам чыгаруу системасында ачыктыктын жоктугу, жактоочулуктун жана кызматчылардын чыныгы натыйжаларына карабастан кызмат боюнча жылдыруу мүмкүнчүлүгүнө жол берген мамлекеттин кадр саясатынын начардагы |
| **Социалдык маданий себептери** | коомдун деморалдашуусу, жарандардын жетишсиз кабардар болуусу жана уюштурулгандыгы, белгенин кылгандарга «колунда барлардын бийлигине» карата коомдун пассивдүүлүгү. |

[9]

### 1.3. Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн укуктук механизмдери жана институционалдык негизи

Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ак ниеттүү башкаруу саясатын жөнгө салуучу, укуктун атайын бөлүнгөн өзүнчө тармагы жок. Ошондуктан, ак ниеттүү башкаруу жана коррупцияга каршы аракеттенүү саясатын жөнгө салуучу укуктук механизмдерди жана институционалдык негизди ак ниеттүү башкаруунун принциптерин регламенттеген төмөнкү укуктук-ченемдик актылардын призмасы аркылуу кароо абзел:

1. КР Конституциясы, 2010-жылдын 27-июнунда референдум (жалпы элдик добуш берүү) менен кабыл алынган (2010-жылдын 27-июнундагы КР Мыйзамы менен колдонууга киргизилген) (КР 2016-жылдын 28-декабрындагы №218 Мыйзамынын редакциясында);

[7] Качкина Т.Б. Качкин А.В., Коррупция жана ага каршы аракеттенүү стратегиясынын негизги элементтери: окуу куралы, Ульяновск: «Печатный двор», 2010, 23-бет. http://education.simcat.ru/school1/files/1413122148_uchebnoe_posobie.doc.

[8] Качкина Т.Б. Качкин А.В., Коррупция жана ага каршы аракеттенүү стратегиясынын негизги элементтери, 24-бет:

[9] Портал FinLit.Online, Причины коррупции, https://finlit.online/osnovyi-ekonomiki/prichinyi-korruptsii-51097.html, (дата обращения: 8 мая 2019г.)

2. 2012-жылдын 8-августундагы №153 «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (КР 2017-жылдын 18-мартындагы №46 Мыйзамынын редакциясында);
3. 2017-жылдын 12-декабрындагы №206 «Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө» КР Мыйзамы (11);
4. 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» КР Мыйзамы (КР 2017-жылдын 30-майындагы №93 Мыйзамынын редакциясында);
5. 2016-жылдын 30-майындагы № 75 «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамы (КР 2017-жылдын 28-июлундагы №162 Мыйзамынын редакциясында);
6. 2017-жылдын 2-августундагы «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган же ээлеген адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө» КР Мыйзамы;
7. 2009-жылдын 17-июлундагы №224 «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» КР Мыйзамы (КР 2016-жылдын 5-мартындагы №19 Мыйзамынын редакциясында);
8. 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамы (КР 2017-жылдын 28-июлундагы №163 Мыйзамынын редакциясында);
9. 2016-жылдын 31-мартындагы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы;
10. КР Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы №26 Жарлыгы менен бекитилген КРде коррупцияга каршы туруу саясатынын мамлекеттик стратегиясы;
11. КР Президентинин 2011-жылдын 14-декабрындагы «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинде Коррупцияга каршы күрөшүү кызматын түзүү жөнүндө» N 27 ПЖ Жарлыгы;
12. КР Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы «Бийлик органдарында саясий жана тутумдук коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө» N 215 ПЖ Жарлыгы;
13. КР Президентинин 2016-жылдын 15-мартындагы «Ишкердик субъекттеринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин укук коргоо жана салык органдары тарабынан текшерүүдө аларды укуктук коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө» № 58 ПЖ Жарлыгы;
14. Ишкердик субъекттерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата укук коргоо жана салык кызматы органдары тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү каттоонун убактылуу эрежелери (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-июлундагы №417 токтому);
15. КР Өкмөтүнүн «Текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинин формасын жана текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине каттоонун тартибин бекитүү жөнүндө» 2016-жылдын 15-июлундагы №398 токтому;
16. КР Өкмөтүнүн 16.09.2015-жылдагы №642 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу жөнүндө типтүү жобо;
17. КР Өкмөтүнүн 14.12.2016-жылдагы №674 «Мамлекеттик жарандык кызматы жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдардын сактоосун камсыз кылуу маселелери жөнүндө» токтому;
18. КР Премьер-министринин 2016-жылдын 18-сентябрындагы №281 буйругу менен бекитилген Коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу боюнча методикалык колдонмо;
19. ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптер жана нормалар.

**Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн укуктук механизмдери.** Ак ниеттүү башкаруунун негизги укуктук механизмдерине коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча негизги принциптерди, механизмдерди, эрежелерди жана процедураларды аныктоочу ченемдик-укуктук актылардын болуусун, ошондой эле коррупциялык иш-аракеттерди азайтууга түздөн-түз таасирин тийгизген укук колдонуу тажрыйбасын,

укуктук жана этикалык маданияттын ченемдерин сактоону киргизүү абзел.

«Укук чыгаруучулук коррупцияга каршы аракеттенүүнүн эң маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Мыйзам чыгаруу процессин жана жалпысынан мыйзамды ыраattуулук менен өркүндөтүү, коррупцияны жаратуучу коллизияларды, кемчиликтерди жана укуктун коррупциогендик ченемдерди четтетүү коррупцияга каршы мыйзамдардын ченемдерин жүзөгө ашырууда олуттуу мааниге ээ болот»[10].

Айкын укуктук механизмдердин жана инструменттердин болуусу ак ниеттүү башкаруунун (коррупцияга каршы аракеттенүүнүн) максаттарына ийгиликтүү жетишүүнүн кепилдиги болуп саналат. Ал механизмдер жарандарга да, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге да түшүнүктүү болуусу керек. Ошондой эле жалпы коомдо коррупцияга каршы көз караш, укуктук маданият болуусу шарт.

Мыйзамдардын жетилбегендиги аны эки ача мааниде чечмелөөгө жана жеке кызыкчылыктын өсүшүнө алып келип, ал бюрократиялык создуктуруу жана чечимди кабыл алуу процессин кечиктирүү, кызмат адамдарынын жоопкерсиздиги жана ыйгарым укуктарды кыянаттык менен пайдалануу менен коштолушу мүмкүн. Мындай жагдайлар акырында мамлекеттик бийликтин органдарына жарандардын ишениминин деңгээлине таасирин тийгизиши мүмкүн. Буга байланыштуу ак ниеттүү башкаруунун принциптерин, коррупцияга каршы жаңы технологияларды жана инструменттерди, ошондой эле атамекендик жана чет элдик тажрыйбага негизденүү менен эң мыкты практиканы жайылтуу керек.

Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын мыйзамдары коррупциянын алдын алуунун төмөнкүдөй негизги чараларын караштырат:

- «коомдо коррупциялык жүрүм-турумга карата келишпестикти калыптандыруу;
- ченемдик укуктук актылардын жана алардын долбоорлорунун коррупцияга каршы экспертизасы; […]
- коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын сакталышына коомдук жана парламенттик көзөмөлдөө институттарын өнүктүрүү»[11].

**Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн институционалдык негизи.** 2012-жылдын 8-августундагы N 153 «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык (КР 2017-жылдын 18-мартындагы N 46 Мыйзамынын редакциясында) коррупцияга каршы аракеттенүү системасына мамлекеттик бийликтин төмөнкү органдары тартылган:

**“1.Кыргыз Республикасынын Президенти** коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттарын аныктайт.

Коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялоону камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин чечими боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын, укук коргоо органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн жана башка адамдардын курамында консультациялык-кеңеш берүүчү органдар (мындан ары - коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы ишти координациялоо боюнча органдар) түзүлүшү мүмкүн.

Коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы ишти координациялоо боюнча органдардын чечимдери Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдери менен ишке ашырылат.

Коррупциялык укук бузуулар жасалганы жөнүндө маалыматтарды алганда, коррупцияга каршы аракеттенүү жаатындагы ишти координациялоо боюнча органдар аларды мындай маалыматтарды текшерүү жана текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча мыйзамда белгиленген тартипте чечимдерди кабыл алууга ыйгарым укуктуу тиешелүү мамлекеттик органдарга өткөрүп берет

**2. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши** коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча мыйзамдарды кароону жана кабыл алууну камсыз кылат, ошондой эле алардын аткаруу бийлик органдары тарабынан өз ыйгарым укуктарынын чектеринде аткарылышын көзөмөлдөйт.

**3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү** коррупцияга каршы аракеттенүүнү жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлик органдарынын ортосунда негизги иш-милдеттерди жана милдеттерди бөлүштүрөт.

[10] Хамазина О. И., «Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн укуктук каражаттары: теория жана практиканын көйгөйлөрү» диссертациясы, Саратов, 2008, https://www.dissercat.com/content/pravovye-sredstva-protivodeistviya-korruptsii-problemy-teorii-i-praktiki.

[11] 2012-жылдын 8-августундагы N 153 “Коруцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренеси (КР 2017-жылдын 18-мартындагы N 46 Мыйзамынын редакциясында), http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203753/40?cl=ky-kg&mode=tekst .

**4. Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору** жана ал ыйгарым укук берген прокурорлор өз ыйгарым укуктарынын чектеринде Кыргыз Республикасынын укук коргоо, фискалдык жана башка мамлекеттик органдарынын, мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коррупция менен күрөшүү маселелери боюнча ишин координациялайт, мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу тутумундагы коррупциянын абалы жөнүндө маалыматтарды чогултууну жана талдоону жүзөгө ашырат, көрүлүп жаткан чаралардын натыйжалуулугуна, улуттук коопсуздукка коррупциядан келип чыккан коркунучтардын даражасына баа берет, ал эми зарыл болгон учурда Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгынын кароосуна тиешелүү сунуштарды киргизет, ошондой эле коррупцияга каршы аракеттенүү жаатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.


**5. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги** жалпыга маалымдоо каражаттары же Интернет-ресурстар аркылуу калк арасында коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча укуктук пропаганданы, билимдердин кеңейишин жана таралышын жүзөгө ашырат.

**6. Укук коргоо органдары, башка мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары,** мамлекеттик же муниципалдык кызматчылар тарабынан чектөөлөрдүн жана тыюу салуулардын, кызыкчылыктардын кагылышын алдын алуу жөнүндө же жөнгө салуу жөнүндө талаптар сакталбаганы же болбосо коррупцияга каршы аракеттенүү максатында белгиленген милдеттердин аткарылбаганы жөнүндө өздөрүнө белгилүү болуп калган фактыларды прокуратура органдарына жана Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы ыйгарым укуктуу органга билдирүүгө милдеттүү»[12].

### 1.4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ак ниеттүү башкаруу боюнча ишмердүүлүгү (ЖӨБ органдарында коррупциянын алдын алуунун/ага каршы аракеттенүүнүн негизги ыкмалары). Муниципалдык кызматкерлердин милдеттери, чектөөлөрү жана жоопкерчиликтери. Кызыкчылыктардын кагылышы. Муниципалдык кызматкерлердин этикасы.

2012-жылдын 8-августундагы N 153 «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык (КР 2017-жылдын 18-мартындагы N 46 Мыйзамынын редакциясында), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнүн компетенцияларынын жана ыйгарым укуктарынын чегинде төмөндөгү сүрөттө көрсөтүлгөн ишмердүүлүктөрдүн түрлөрүн ишке ашырышат:

1-сүрөт. ЖӨБ органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча ишмердүүлүгү




* Таблица 2012-жылдын 8-августундагы №153 «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (КР 2017-жылдын 18-мартындагы №46 Мыйзамынын редакциясында) ченемине ылайык даярдалган.

[12] 2012-жылдын 8-августундагы N 153 "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренеси (КР 2017-жылдын 18-мартындагы N 46 Мыйзамынын редакциясында), http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203753/40?cl=ky-kg&mode=tekst .

2012-жылдын 8-августундагы N 153 «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык (КР 2017-жылдын 18-мартындагы N 46 Мыйзамынын редакциясында), «коррупциялык укук бузууларды табуу, аларды алдын алуу жана бөгөт коюу жана аларды жасоого күнөөлүү адамдарды өз компетенциясынын чектеринде жоопкерчиликке тартуу укук коргоо органдары тарабынан жүзөгө ашырылат»[13].

**Ошол эле учурда ЖӨБ органдары жана** алардын кызматкерлери **өздөрүнүн функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын чегинде коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча чараларды жүргүзүүгө милдеттүү.**

Белгилүү болгондой БУУнун коррупцияга каршы Конвенциясынын максаттарынын бири кыйла натыйжалуу жана иштеген коррупциянын алдын алууга жана каршы күрөшүүгө багытталган чараларды кабыл алуу жана бекемдөө болуп саналат.

**«Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын төмөнкү аракети же аракетсиздиги коррупция үчүн шарттарды түзүүчү укук бузуулар болуп саналат:**

- өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жеке кызыкчылыктарын, жакын туугандарынын […] кызыкчылыктарына тиешелүү маселелерди чечүүдө пайдалануу;
- адамга мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүдө жана кызматынан жогорулоодо мыйзамдарда каралбаган артыкчылыктарды берүү;
- жеке жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына тиешелүү болгон чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда аларга укук ченемсиз артыкчылыктарды берүү;
- өздөрү кызматта турган же аларга баш ийген, көзөмөлүндөгү же отчет берүүчү мамлекеттик органдардын, ЖӨБ органдарынын, мамлекеттик ишканалардын жана мекемелердин иштери боюнча жеке жана юридикалык жактарга ишенимдүү адам катары катышуу;
- расмий түрдө жайылтууга жатпаган жана мамлекеттик иш-милдеттерди аткарууда алынган маалыматты жеке же топтук кызыкчылыктарда пайдалануу;
- жеке жана юридикалык жактарга берилүүсү мыйзамда каралган маалыматтарды берүүдөн негизсиз баш тартуу, аны өз убагында бербөө, такталбаган же болбосо толук эмес маалыматтарды берүү;
- жеке же юридикалык жактардан берилүүсү мыйзамда каралбаган маалыматтарды талап кылуу;
- мамлекеттик же муниципалдык каржылык жана башка материалдык ресурстарды талапкерлердин жана коомдук уюмдардын шайлоо фонддоруна берүү, ошондой эле аларды жарандарга жана юридикалык жактарга мыйзам ченемсиз берүү;
- протоколдук жана башка расмий иш-чараларды өткөрүүдө ызаат көрсөтүү катары берилүүчү символдук белгилерди жана символдук сувенирлерди кошпогондо, жогору турган расмий адамдарга белектерди тартуулоо, материалдык жана башка жыргалчылыктарды берүү, кызматтан тышкаркы кызматтарды көрсөтүү;
- жогору же төмөн турган же болбосо кызмат же иши боюнча дагы башкача көз карандылыкта турган кызмат адамдары менен акчалай же башка мүлктүк мүнөздөгү кумар оюндарына катышуу;»[14]
- каржылык көзөмөл жана мамлекеттик сатып алуулар;
- жарандык коом менен өз ара иштешүү жана башка.

[13] 2012-жылдын 8-августундагы N 153 "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 5-берене (КР 2017-жылдын 18-мартындагы N 46 Мыйзамынын редакциясында), http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203753/40?cl=ky-kg&-mode=tekst .

[14] 2012-жылдын 8-августундагы №153 "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 14-берене (КР 2017-жылдын 18-мартындагы №46 Мыйзамынын редакциясында).

**Муниципалдык кызматкердин коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча милдеттери:**

| | |
|---|---|
| 2012-жылдын 8-августундагы №153 «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренеси (КР 2017-жылдын 18-мартындагы №46 Мыйзамынын редакциясында). | коррупциялык укук бузууларды жасоого тартуу максатында кайрылган бардык учурлар тууралуу жалдоочунун (жумуш берүүчүнүн) өкүлүнө прокуратура органдарына, улуттук коопсуздук жаатындагы ыйгарым укуктуу органга же башка мамлекеттик органдарга жазуу жүзүндө кабарлоого;<br><br>кызыкчылыктардын кагылышынын пайда болуусунун бардык мүмкүндүктөрүнө жол бербөө боюнча чараларды көрүүгө;<br><br>кызыкчылыктардын кагылышынын пайда болгону жөнүндө же анын пайда болуу мүмкүндүгү ага белгилүү болоор замат өзүнүн түздөн-түз жетекчисине жазуу жүзүндө кабарлоого;<br><br>Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка талапкер Кыргыз Республикасынын жарандары коррупциялык укук бузууларга жол бербөө максатында ушул Мыйзамда жана башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген чектөөлөрдү өзүнө ыктыярдуу кабыл алат. Мында алар тыюу салынган аракеттердин укуктук кесепеттери жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабардар кылынат.<br><br>Чектөөлөрдү кабыл алуу жазуу жүзүндөгү милдеттенмеде чагылдырылат. Чектөөлөрдү кабыл албоо (толугу менен же жарым-жартылай) мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кабыл алуудан баш тартууга алып келет. |
| 2017-жылдын 12-декабрындагы №206 «Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө» КР Мыйзамынын 10-беренеси (11) | Жеке жоопкерчилик жана жеке үлгү:<br>• өзүнүн кызматтык милдеттерин ак ниет аткаруунун үлгүсү болууга;<br>• кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо, табуу жана чечүү үчүн өзүнө жеке жоопкерчиликти алууга тийиш. |

**Муниципалдык кызматчылар үчүн мыйзамдуу аныкталган чектөөлөр:**

| | |
|---|---|
| 2016-жылдын 30-майындагы № 75 «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренеси (КР 2017-жылдын 28-июлундагы №162 Мыйзамынын редакциясында) | Эгерде мыйзамдарда башкача каралбаса, кызматкер коммерциялык эмес уюмдардын башкаруу органдарынын курамына кирүүгө тыюу салынат;<br><br>Башка мамлекеттин жарандыгы бар кызматчы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчи кызмат орундарын ээлей албайт.<br><br>Кызматчы кызматын токтоткондон кийин бир жылдын ичинде төмөнкүлөрдү жасай албайт:<br>• үчүнчү жактын кызыкчылыгында анын компетенциясына кирген маселелер боюнча өзү мурда иштеген жери боюнча кайрылууга;<br>• кызматта турган мезгилинде анын карамагына кирген иштер боюнча жеке же юридикалык жактын атынан аракеттенүүгө, бул ошол жеке же юридикалык жакка кошумча артыкчылык бермек. |

| | |
|---|---|
| 2017-жылдын 12-декабрындагы №206 «Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө» КР Мыйзамынын 14-беренеси (11) | Мыйзамдарда кызмат адамынын үчүнчү жактардын кызыкчылыктарын билдирүү милдети тикелей каралган учурларды кошпогондо, мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана иш-каналарда үчүнчү жактардын иштери боюнча ишенимдүү адам же өкүл болууга укуксуз. |
| 2017-жылдын 12-декабрындагы №206 «Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренеси (11) | Эгерде КР ченемдик укуктук актыларында башкача белгиленбесе, мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын алдына коюлган милдеттерди аткаруу үчүн түзүлгөн юридикалык жактарда эмгек келишиминин негизинде айрым кызматтарды ээлеген кызматчыларга КР ченемдик укуктук актыларында каралган тартипте тиешелүү мамлекеттик органдарда жана ЖӨБ органдарында кызмат өтөгөн мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн белгиленген чектөөлөр, тыюу салуулар жана милдеттер жайылтылат. |

### Муниципалдык кызматчылар үчүн мыйзамдуу аныкталган тыюу салуулар:

| | |
|---|---|
| 2017-жылдын 12-декабрындагы №206 «Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө» КР Мыйзамынын 11,12,13-беренелери (11) | Кызматтык милдеттерин аткарууда алардын жана жакын адамдарынын өздүк (жеке) кызыкчылыгы бар көзөмөлдөө, контролдоо, функцияларын жүзөгө ашырууга, келишимдерди түзүүгө тыюу салынат.<br><br>Өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруусуна байланыштуу, наркы он эсептик көрсөткүчтөн ашпаган адаттагы белектерди кошпогондо, белектерди алуусуна тыюу салынат;<br><br>Эгерде кайрымдуулук жеке же юридикалык жактарга карата чечим кабыл алууга таасирин тийгизсе, жеке же юридикалык жактардан кайрымдуулуктарды, ошондой эле мамлекеттик же коомдук муктаждыктар үчүн башка түрдөгү мүлктүк жардамдарды талап кылууга же кабыл алууга тыюу салынат. |
| 2016-жылдын 30-майындагы № 75 «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренеси (КР 2017-жылдын 28-июлундагы №162 Мыйзамынын редакциясында) | Муниципалдык кызматчыга - мамлекеттик жарандык кызматта турууга;<br><br>Төмөнкү учурларды кошпогондо, акы төлөнүүчү башка иш менен алектенүүгө: жетекчи менен макулдашуу боюнча мыйзамдарда тыюу салынбаган каражаттардан кошумча төлөнүүчү тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү билим берүү, эксперттик, илимий жана башка чыгармачылык иштер менен алектенүүгө;<br><br>Өзү же ишенимдүү жактар аркылуу ишкердик иш менен алектенүүгө, уюштуруу-укуктук формаларына карабастан чарба жүргүзүүчү субъекттерди башкарууга катышууга, ошондой эле бул үчүн кандай гана болбосун пайда алуу менен, жеке жана юридикалык жактарга ишкердик ишин жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү үчүн өзүнүн кызматтык абалын пайдаланууга;<br><br>Эгерде мыйзамдарда башкача каралбаса, мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында үчүнчү жактардын иштери боюнча ишеним берилген же башка өкүл болууга;<br><br>Маалыматтарды, материалдык-техникалык, финансылык жана маалыматтык камсыз кылуу каражаттарын, кызматтык автотранспорт каражаттарын жана башка кызматтык иш үчүн гана арналган мүлктөрдү кызматтык эмес максаттарга пайдаланууга;<br><br>Кызматтык милдеттерди аткарууга байланыштуу мыйзамдарда каралбаган сый акыларды (акчалай жана башка сый акыларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, көңүл ачууга, эс алууга, транспорттук чыгымдарга төлөөлөрдү) жана жеке жана юридикалык жактардан белектерди алууга; |

| | |
|---|---|
| | Протоколдук иш-чараларга, кызматтык иш сапарларга жана башка расмий иш-чараларга байланыштуу алынган белектер, тиешелүүлүгүнө жараша, мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүлкү катары таанылат жана тиешелүү мамлекеттик органга же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына Өкмөт тарабынан белгиленген тартипте өткөрүп берилет;<br><br>Өзүнүн кызматтык иштерине байланыштуу жана кызмат убагында саясий партияларды, коомдук бирикмелерди жана диний уюмдарды түзүүгө, алардын иштерине кандайдыр бир формада катышууга же көмөктөшүүгө; кызматтык иштерин партиялык программаларга жана чечимдерге баш ийдирүүгө;<br><br>Аны менен жакын туугандык мамилелерде турган адамдардын түздөн-түз кол алдында же көзөмөлүндө болгон кызматтарда туруусуна;<br><br>Анын кызматы менен байланышкан, ал ыйгарым укуктуу болбогон иштер боюнча өзүнө милдеттенмелерди алууга жана убада берүүгө;<br><br>Кызматчынын өзүнүн жана анын жакын туугандарынын түздөн-түз жеке кызыкчылыгын козгогон маселелерди чечүү максатында, өзүнүн кызматтык абалын пайдаланууга;<br><br>Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине бөгөт болгон иш таштоолорго, митингдерге, манифестацияларга жана башка иш-чараларды уюштурууга же аларга катышууга;<br><br>Кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу ага белгилүү болуп калган, мыйзамдарга ылайык жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтарды кызматтык милдеттерин аткаруу менен байланышпаган максаттарда жайылтууга же пайдаланууга;<br><br>Кызмат убагында референдум жана шайлоо өнөктүктөрүнүн мезгилинде шайлоо алдындагы үгүт иштери менен алектенүүгө;<br><br>Эгерде эл аралык келишимдерде жана мыйзамдарда башкача каралбаса, чет өлкөлүк камкордук же байкоочу кеңештердин башкаруу органдарынын, коммерциялык эмес уюмдардын башкаруу органдарынын жана Кыргыз Республикасынын аймагында алардын иштеп жаткан түзүмдүк бөлүмдөрүнүн курамына кирүүгө;<br><br>Мыйзамдарга жана эл аралык келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылуучу кызматтык иш сапарларды кошпогондо, жеке жана юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары кызматтык иш сапарларга чыгууга; |

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:**

- жамааттардын деңгээлинде коррупциянын алдын алуу боюнча чараларды иштеп чыгуу жана жайылтуу тажрыйбасы (коррупцияга каршы муниципалдык пландар жана программалар);
- муниципалдык органдын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматка жеткиликти камсыздоо каралган улуттук жана эл аралык мыйзамдардын ченемдерин сактоо;
- жарандардын жана юридикалык жактардын кайрылууларына/сурамдарына өз учурунда жооп берүү боюнча иштерди жакшыртуу;
- коррупцияны төмөндөтүүгө багытталган, анын ичинде, муниципалдык кызматтарды көрсөтүүдө стандарттарды жана административдик регламенттерди аныктоого жана колдонууга багытталган коррупцияга каршы технологияларды жана инструменттерди жайылтуу;

- мамлекеттик сатып алуулар боюнча мыйзамдарды сактоо жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн товарларды жеткирүүгө, иштерди аткарууга, кызматтарды көрсөтүүгө карата конкурстарды, аукциондорду, тендерлерди өткөрүүдө ак ниеттүүлүктүн, ачыктыктын жана ак ниеттүү атаандаштыктын принциптерин сактоо;
- квалификациялуу адистерди ишке алуу, муниципалдык кызматкерлерди ротациялоо боюнча эрежелерди жана процедураларды жакшыртуу, кызматтык нускалоолорду оптимизациялоо, жана ошондой эле муниципалдык кызматкерлердин ишине дем берүү жана өбөлгөлөө (класстык чиндерди ыйгаруу), муниципалдык кызматкерлерди социалдык коргоо боюнча натыйжалуу чараларды жайылтуу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы жаратылыш ресурстарын жана муниципалдык мүлктү башкаруу системасын, ошондой эле мындай ресурстарды жана мүлктү колдонууга укуктарды берүүнүн жана өткөрүп берүүнүн тартибин жакшыртуу;
- коррупциянын пайда болуу себептерин четтетүү боюнча чараларды көрбөгөндүгү үчүн ЖӨБ органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын жоопкерчилигин жогорулатуу.

**Коррупцияга каршы программаны иштеп чыгууда коррупциянын алдын алуунун төмөнкүдөй негизги механизмдерине жана ык-амалдарына таянуу абзел:**

- коррупцияга каршы мыйзамдардын системалык жаңылануусу;
- коррупцияга каршы экспертиза;
- коррупциялык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу;
- кызыкчылыктар кагылышуусун табуу жана жөнгө салуу;
- этика кодекстери, ак ниеттүүлүк, мониторинг жана баалоо;
- декларациялык кампания;
- жүрүм-турумдун стандарттары;
- маалыматтык кампания жана ачыктык;
- коррупцияга каршы билим алуу;
- саясий партияларды каржылоо;
- каржылык көзөмөл жана мамлекеттик сатып алуулар;
- жарандык коом менен өз ара иштешүү жана башка.

## II. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ТЕКШЕРҮҮ. АЛАРДЫН ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮДӨГҮ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ, УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

### 2.1. «Текшерүү», «текшерүүнүн предмети» жана «жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине текшерүү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар» түшүнүктөрү

КР 2016-жылдын 31-мартындагы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Мыйзамы төмөнкү түшүнүктөрдү камтыйт:

1-таблица. ЖӨБО ишин текшерүүдө колдонулуучу негизги түшүнүктөр

| Понятие | Определение |
|---|---|
| **Текшерүү** | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруусу жана сактоосу боюнча мамлекеттик контролдун жана көзөмөлдүн кандай гана болбосун формасы (жогоруда аталган Мыйзамдын 3-беренесинин 3-пункту). |

| | |
|---|---|
| | салык мыйзамдарын, изин суутпай издөө иши жөнүндө мыйзамдарды, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин кошо алганда, текшерүүлөр жөнүндө мыйзамдарда берилген түшүнүктөгү иш-чаралар.<br>**Текшерүү деп** укук коргоо органдарынын жана салык кызматы органдарынын ыйгарым укуктуу кызмат адамдарынын ишкердик субъекттерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алар жайгашкан жерине баруудан тышкары, **укук коргоо органдарына жана салык кызматы органдарына** ишкердик субъекттерин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын **чакыруу** жана текшерүү жүргүзүү максатында алардын **финансы чарбалык ишинин документтерин суратып алуу** да түшүнүлөт.<br>(Ишкердик субъекттерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата укук коргоо жана салык кызматы органдары тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү каттоонун убактылуу эрежелери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-июлундагы №417 токтому менен бекитилген). |
| **Текшерүүнүн предмети** | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алар тарабынан сакталышы (жогоруда аталган Мыйзамдын 3-беренесинин 4-пункту). |
| **Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар** | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөргө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдар, алардын тизмегин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү иштеп чыгат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекитет (жогоруда аталган Мыйзамдын 3-беренесинин 5-пункту). |
| **Укук коргоо органдары** | ички иштер, финансы полициясы, улуттук коопсуздук, бажы кызматы, прокуратура органдары (Ишкердик субъекттерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата укук коргоо жана салык кызматы органдары тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү каттоонун убактылуу эрежелери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-июлундагы №417 токтому менен бекитилген). |

### 2.2. ЖӨБО текшерүүлөрүн жүргүзүүнүн максаттары. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүнүн түрлөрү

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан ЖӨБО ишин текшерүү жүргүзүүнүн максаттары:

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууларды табуу, алдын алуу жана бөгөт коюу;
2. жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына методикалык жана/же практикалык жардам көрсөтүү.

КР 2016-жылдын 31-мартындагы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Мыйзамына жана КР Жогорку Кеңештин 2017-жылдын 25-майындагы № 1618-VI «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмектерин бекитүү жөнүндө» токтомуна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн текшерүүлөрдүн түрлөрү жүргүзүлөт.

**Таблица 2**

**2016-жылдын 31-мартындагы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы боюнча ЖӨБО ишине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн түрлөрү, негиздери жана шарттары**

| Текшерүүлөрдүн түрлөрү | Текшерүүлөрдүн мүнөздөмөсү | Текшерүү жүргүзүүнүн негиздери | Текшерүү жүргүзүүнүн шарттары |
|---|---|---|---|
| **1. Пландык текшерүү** | Бул пландык текшерүүнү Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы менен макулдашылган текшерүүлөрдүн ар жылдык планынын негизинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүргүзөт.<br>ЖӨБО ишинин мурдагы пландык текшерүүдө камтылган мезгил бүткөн күндөн кийинки мезгили пландык текшерүүдө камтылат.<br>Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын, анын ичинде прокуратура органдарынын бекитилген ар жылдык пландары алар бекитилген күндөн тартып 10 жумушчу күндүн ичинде Башкы прокуратуранын жана тийиштүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын расмий сайттарында жайгаштырылууга жатат. | **КР Башкы прокуратурасы менен макулдашкан текшерүүнүн жылдык планы**<br>Текшерүүнүн ошол эле предмети боюнча мурдагы пландык текшерүү бүткөн күндөн тартып бир жылдын өтүшү ЖӨБОну текшерүүлөрдүн планына киргизүү үчүн негиз болуп саналат.<br>Ар жылдык планга төмөнкүдөй маалыматтар киргизилет:<br>1) белгиленген мөөнөттүн ичинде иши текшерилүүгө жаткан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аталышы жана жайгашкан жери;<br>2) текшерүүлөрдү жүргүзүүнү пландаштырган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (аймактык, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн) аталышы;<br>3) текшерүүнү жүргүзүүнүн мөөнөтү;<br>4) сакталышы жана аткарылышы текшерилүүчү ченемдик укуктук актылардын тизмеги. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бир эле органынын пландык текшерүү бир жылда бир жолу жүргүзүлөт.<br>Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландык текшерүүлөрдү пландык текшерүүлөр мыйзамдарга ылайык компетенциясына кирген ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жүргүзөт.<br>Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими боюнча текшерүүлөрдүн ар жылдык планына бардык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тандалып алынган айрым органдары киргизилиши мүмкүн.<br>Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун айрым органдары текшерүүлөрдүн ар жылдык планына тандап алынып киргизилген учурда бир эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы катары менен эки жолу текшерүүнүн ар жылдык планына киргизилиши мүмкүн эмес.<br>Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын (аймактык, түзүмдүк бөлүктөрдүн) текшерүүлөрдү жүзөгө ашыруу планын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси текшерүү жүргүзүлүүчү жылдан мурдагы жылдын 30-декабрынан кечиктирбестен бекитет<br>Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине прокуратура органдарынын (аймактык бөлүктөрүнүн) текшерүү жүргүзүүсүнүн планын текшерүү жүргүзүлүүчү жылдан мурдагы жылдын 30-декабрынан кечиктирбестен Башкы прокуратура бекитет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2. Пландан тышкаркы текшерүү** | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландан тышкаркы текшерүүнү тийиштүү райондун, шаардын прокуратура органдары менен макулдашуудан кийин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминин (тескемесинин, буйругунун, жазма эскертүүсүнүн) негизинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары жүргүзөт.<br><br>Райондун, шаардын прокуратура органдары пландан тышкаркы текшерүүлөрдү макулдашууда сунушталган пландан тышкаркы текшерүүлөрдүн мыйзамдуулугун көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат.<br><br>Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилген кайрылуунун же арыздын ээсинин фамилиясын, ысымын жана жашаган жеринин дарегин белгилөөгө мүмкүн болбогондо анонимдүү деп эсептелет жана каралууга жатпайт.<br><br>Бир жыл аяктаганга чейин текшерүүнүн бир эле предмети боюнча ар түрдүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүүсүнө жол берилбейт.<br><br>Жеке, юридикалык жактардын арыздарында, кайрылууларында, ошондой эле ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга келип түшкөн материалдарда жана маалыматтарда көрсөтүлгөн маалыматтардан жана фактылардан башка негизде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерине пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүүгө жол берилбейт. | Пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүүнүн негиздери төмөнкүлөр болуп саналат:<br><br>1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы, муниципалдык кызматкерлер тарабынан мыйзамдарды бузуулардын бар экендигин көрсөткөн жетиштүү маалыматтарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын түздөн түз табуусу;<br><br>2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, муниципалдык кызматкерлер тарабынан мыйзамдарды бузуулардын бар экендигин көрсөткөн маалыматтарды камтыган материалдардын, маалыматтардын укук коргоо органдарынан, ошондой эле башка мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, жеке жана юридикалык жактардан келип түшүүсү;<br><br>3) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, муниципалдык кызматкерлер тарабынан мыйзамдарды бузуулар бар экендигин көрсөткөн маалыматтарды камтыган жеке жана юридикалык жактардын жазуу жүзүндөгү кайрылуулары жана арыздары;<br><br>4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, муниципалдык кызматкерлер тарабынан мыйзамдарды бузуулар бар экендигин көрсөткөн маалыматтарды камтыган жалпыга маалымдоо каражаттарындагы маалыматтар. | • Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүү жөнүндө тийиштүү чечимин (тескемесин, буйругун, жазма эскертүүсүн) чыгарганга чейин тийиштүү райондук, шаардык прокуратура органдарына пландан тышкаркы ушул текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө суроо-талабын жиберет.<br>• Пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүү жөнүндө суроо-талапта төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:<br>• текшерүүнү жүзөгө ашыруунун башталышынын жана бүткөрүлүшүнүн датасы;<br>• иши пландан тышкаркы текшерүүгө жаткан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы жана жайгашкан жери;<br>• текшерүүнүн предмети жана негиздөөсү;<br>• сакталышы жана аткарылышы текшериле турган ченемдик укуктук актылардын аталыштарынын тизмеги;<br>• ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (аймактык, түзүмдүк бөлүктөрүнүн) аталышы. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3. Контролдук текшерүү** | Контролдук текшерүү мурдагы пландык жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдө тастыкталган мыйзам бузууларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы четтеткендигин текшерүү максатында, мурда жүргүзүлгөн текшерүүнүн предметинин алкагында жүргүзүлөт. | Контролдук текшерүү тастыкталган бузууларды четтетүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына берилген мөөнөт бүткөндөн кийин гана жүргүзүлүшү мүмкүн | Контролдук текшерүү мурдагы пландык жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдө тастыкталган мыйзам бузууларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы четтеткендигин текшерүү максатында, мурда жүргүзүлгөн текшерүүнүн предметинин алкагында жүргүзүлөт. |
| **4. Кайра текшерүү** | Кайра текшерүү төмөнкүдөй учурларда жүргүзүлөт:<br>1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы пландык жана пландан тышкаркы текшерүүнүн натыйжаларына макул болбогондо;<br>2) жаран же юридикалык жак анын жазуу жүзүндөгү кайрылуусу же арызы боюнча жүргүзүлгөн пландык же пландан тышкаркы текшерүүнүн натыйжаларына макул болбогондо. | Жазуу жүзүндөгү кайрылуусу же арызы боюнча текшерүү жүргүзүлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, жарандын же юридикалык жактын бул текшерүүнүн натыйжаларына карата жогору турган ыйгарым укуктуу органга даттануусу кайра текшерүү үчүн негиз болуп саналат. | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган даттанууну ал келип түшкөн күндөн тартып 10 күндүн ичинде кароого жана даттанууну кароонун натыйжалары жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына, жаранга же юридикалык жакка жазуу жүзүндө кабарлоого милдеттүү.<br>Кайра текшерүү ушул Мыйзамда пландык жана пландан тышкаркы текшерүүлөр үчүн каралган тартипте, ошондой эле ушул Мыйзамдын 14-беренесинин 3-бөлүгүндө белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт.<br>Кайра текшерүүнү жүргүзүүдө пландык, пландан тышкаркы текшерүүлөрдүн бардык маселелери боюнча текшерүүнү жүргүзүүгө тыюу салынат.<br>Пландык жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдүн натыйжаларында көрсөтүлгөн даттанылган маселе гана кайра текшерилүүгө жатат.<br>Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын мурда текшерүү жүргүзгөн, анын натыйжасына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы даттанган кызмат адамынын кайра текшерүү жүргүзүшүнө жол берилбейт.<br>Жогору турган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган кайра текшерүү жүргүзүүдөн баш тарткан учурда же кайра текшерүүнүн натыйжасына макул болбогон учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы пландык, пландан тышкаркы текшерүүлөрдүн натыйжалык актысын сотко даттанууга укуктуу. |

Ошондой эле, ЖӨБО ишине текшерүүлөрдүн түрлөрү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-июлундагы № 417 токтому менен бекитилген, Ишкердик субъекттерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата укук коргоо жана салык кызматы органдары тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү каттоонун убактылуу эрежелеринде да көрсөтүлгөн:

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-июлундагы №417 токтому менен бекитилген Ишкердик субъекттерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата укук коргоо жана салык кызматы органдары тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү каттоонун убактылуу эрежелерине ылайык ЖӨБОнун ишине текшерүүлөрдүн түрлөрү**

| Текшерүүнүн түрлөрү | Текшерүүлөрдүн аныктамалары |
|---|---|
| **1. Пландык** | бул текшерүүлөр планына ылайык салык кызматы органдарынын бири тарабынан жүргүзүлгөн акыркы текшерүү аяктаган күндөн кийинки күндөн 12 ай өткөндөн кийин салык кызматы органы тарабынын кеминде бир жолу жүргүзүлүүчү, салыктын бардык түрлөрү боюнча салык төлөөчү тарабынан салык милдеттеринин аткарылышын текшерүү. |
| **2. Пландан тышкары** | буга чейин жерине барып текшерүүнү камтыбаган жана акыркы текшерүү аяктаган күндөн кийин 12 ай өткөндүгүнө карабастан, салыктын бардык түрлөрү боюнча салык төлөөчү тарабынан салык милдеттеринин аткарылышын текшерүү. |
| **3. Рейддик салык контролу** | контролдук сатып алууну кошо алганда, салык контролу формасында жүргүзүлүүчү, салык төлөөчүлөрдү толук эсепке алуу максатында, ошондой эле ККМ колдонуу боюнча талаптарды аткаруу жана салык төлөөчүдө сатылып жаткан товардын реалдуу баасын аныктоо максатында жүзөгө ашырылуучу текшерүү. |
| **4. Кайра текшерүү** | салык төлөөчү тарабынан такталган салык отчётун берүүнү кошо алганда, буга чейин салыктык текшерүү (пландык, пландан тышкары, кайра текшерүү) камтылган мезгилде жүргүзүлүүчү салыктарды туура эмес эсептөө фактыларын текшерүү. |
| **5. Утурлай текшерүү** | салык органдары тарабынан үчүнчү жактарга, салык төлөөчү тарабынан белгиленген жактар менен жүргүзүлүүчү операцияларга түздөн-түз байланыштуу айрым документтерге карата, анын ичинде башка мамлекеттердин салык органдарынын суроо - талабы боюнча жүргүзүлүүчү текшерүү. |
| **6. Камералдык текшерүү** | ишкердик субъекттери тарабынан салык милдеттеринин толук аткарылышы маселеси боюнча салык кызматы органдарында бар болгон ишкердик субъекттеринин отчётторун жана маалыматтарын изилдөө, тактоо максатында салык органы жайгашкан жерде жүргүзүлүүчү текшерүү, анын жыйынтыгы боюнча, зарыл болгон учурларда, аныкталган шайкеш эместиктерди жокко чыгаруу жөнүндө салык кызматы органынын тийиштүү чечими ишкердик субъектине жөнөтүлүшү мүмкүн. |

## 2.3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмеги

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 25-майындагы № 1618-VI токтому менен, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 5-пунктуна жана 28-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык бекитилген:

- **1-тиркемеге ылайык Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине пландагы, пландан тышкары текшерүү, контролдук текшерүү жана кайра текшерүү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмеги:**

1. Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары.
2. Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана анын аймактык органдары.
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жана анын түзүмдүк, ошондой эле аймактык бөлүкчөлөрү.

- **2-тиркемеге ылайык Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине пландан тышкары текшерүү, контролдук текшерүү жана кайра текшерүү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмеги:**

4. Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары.
5. Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана анын аймактык органдары.
6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жана анын түзүмдүк, ошондой эле аймактык бөлүкчөлөрү.
7. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл боюнча департаменти жана анын түзүмдүк бөлүмчөлөрү, ошондой эле аймактык борборлору.

**Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-июлундагы №417 токтому менен бекитилген, Ишкердик субъекттерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата укук коргоо жана салык кызматы органдары тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү каттоонун убактылуу эрежелеринин ченемдерине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине төмөнкү мамлекеттик органдар текшерүү жүргүзө алат:**

1. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги;
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети (КР УКМК ККНы кошкондо);
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштар менен күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматы;
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы (укук коргоо жана контролдоочу органдардын тизмесинен алып салынды);
5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы.

Жогоруда көрсөтүлгөн көзөмөлдөөчү жана контролдоочу органдар анын деңгээли жана статусу принциби боюнча (район - район, шаар - шаар, область - область, борбордук аппарат – Бишкек шаарынын Биринчимай райондук прокуратурасы) арыз берген органдын жайгашкан аймагы боюнча Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында текшерүүнү макулдашуу жана каттоо жол-жобосун өткөрүүгө милдеттүү.

Ушуну менен бирге артыкчылыктар да бар. Ошентип, ушул Мыйзамдын 2-беренесинин 4-пунктунда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү төмөндөгүлөр жүргүзгөндө текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартибин жана жол-жобосун жөнгө салбайт:

1. кылмыш-жаза, администрациялык, жарандык, аткаруу сот өндүрүшүнүн алкагында мамлекеттик органдар;
2. өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишке ашыруусун контролдоонун алкагында мамлекеттик органдар;
3. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы;

4. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени);

5. контролдук функцияларды жүзөгө ашыруунун алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары жана анын органдары.[15]

Банкроттукту жоюу жол-жобосун өткөрүү мезгилинде жана уюмдун кайра уюмдаштыруусуна байланыштуу, пландан тышкары текшерүүлөрдү ошондой эле ЖӨБ органдарына карата салык органдары менен өткөрүлгөн камералык текшерүүнү жана контролдук сатып алууну кошпогондо, каалаган текшерүүлөрдү каттоосуз жүргүзүүгө жол берилбейт.

Каттоосуз жүргүзүлүүчү текшерүүлөр, анын ичинде ыкчам-издөө иш-чараларын өткөрүү менен байланышкан, ошондой эле жазык-процестик мыйзамдардын алкагында жүргүзүлүүчү текшерүүлөр эрежелерди бузуу, ал эми ушул текшерүүлөрдүн жыйынтыктары – жараксыз деп таанылат.

Каттоо жана текшерүү жүргүзүүнүн эрежелерин бузууда айыптуу укук коргоо жана контролдоочу органдардын, ошондой эле салык кызматынын кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык административдик, материалдык жана жазык жоопко тартылышат.

### 2.3.1. Текшерүүлөрдү жүргүзүүдөгү чектөөлөр

***“Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жана алардын кызмат адамдарына төмөнкүлөргө тыюу салынат:***

1) текшерүүлөрдү жүргүзүү процессинде муниципалдык кызматкерлердин өз функцияларын жана ыйгарым укуктарын аткаруусуна тоскоолдук түзүүгө;

2) текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн белгиленген мөөнөтүн бузууга;

3) текшерүүлөрдү жүргүзүүгө байланышкан чыгымдардын ордун толтурууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан талап кылууга;

4) эгерде текшерүүнүн предметине кирбесе, документтерди, маалыматтарды берүүнү, объекттерди, мүлктү карап чыгууну талап кылууга, ошондой эле мындай документтердин түп нускаларын алып коюуга;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу менен алынган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши жөнүндөгү маалыматтарды топтоого, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга;

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн натыйжасында алынган мамлекеттик, кызматтык жана мыйзам менен корголгон башка жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды жайылтууга;

7) эгерде мыйзамдарда белгиленген милдеттүү талаптардын сакталышын текшерүү текшерүүнү жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын компетенциясына кирбесе, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мындай талаптарды аткаруусун текшерүүгө;

8) арыз берүүчүнүн маалыматтары (фамилиясы, ысымы, жашаган жеринин дареги) көрсөтүлбөгөн, анонимдүү арыз менен демилгеленген пландык же пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүзөгө ашырууга;

9) текшерүү жүргүзгөндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан акчалай формада административдик жазапулдарды жана башка төлөмдөрдү тикелей алууга. Бардык эсептешүүлөр тийиштүү эсептешүү эсептери жана кредиттик-кассалык мекемелер аркылуу жүргүзүлүүгө тийиш;

10) текшерүү жүргүзгөндүгү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана алардын кызмат адамдарынан кандайдыр-бир сый акы талап кылууга же алууга;

11) текшерүү жүргүзгөндө айкындалган мыйзам бузуунун болуу фактысын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине кийлигишүү үчүн негиз катары пайдаланууга;

12) ушул Мыйзамда каралбаган текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартибине жана жол-жоболоруна тиешеси бар кошумча талаптарды белгилөөгө”[16].

### 2.3.2. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана текшерүүчү кызмат адамдарынын укуктары жана милдеттери

**1. “Текшерүүчү кызмат адамдары төмөнкүдөй укуктарга ээ:**

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинен же ыйгарым укуктуу кыз-

[15] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2-берене http://www.gamsumo.gov.kg/laws/acts/50)

[16] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 5-берене http://www.gamsumo.gov.kg/laws/acts/50)

мат адамынан текшерүү предметине түздөн-түз байланышы бар документтерди, маалыматтарды, түшүндүрмөлөрдү талап кылууга;

2) зарыл болгон учурларда документтерден көчүрмө алууга жана документтердин көчүрмөлөрүн чыгарууга;

3) эгерде текшерүүнүн предметине тиешеси бар болсо, объекттерге барууга, жайларды, мүлктөрдү карап чыгууга;

4) айкындалган мыйзам бузууларды четтетүү жөнүндө жазма эскертүүлөрдү милдеттүү аткаруу үчүн берүүгө;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууну четтетүүдөн баш тарткан же мыйзам бузууларды белгиленген мөөнөттө четтетпеген учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу боюнча чараларды көрүүгө;

6) текшерүү предметине байланышкан маселелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына, алардын кызмат адамдарына усулдук жана/же практикалык жардамдарды көрсөтүүгө;

7) ушул Мыйзамда каралган башка укуктарга.

**2. Текшерүүчү кызмат адамдары төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1) текшерүү башталардан мурда кызматтык ырастамасын көрсөтүүгө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисине же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына текшерүү жүргүзүү жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминин (тескемесинин, буйругунун, жазма эскертүүсүнүн) бир нускасын берүүгө жана аны текшерүүнүн предмети менен тааныштырууга;

2) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын текшерүү жүргүзүү жөнүндө чечиминде (тескемесинде, буйругунда, жазма эскертүүсүндө) белгиленген текшерүү жүргүзүүнүн предметине жана ушул Мыйзамга ылайык так текшерүү жүргүзүүгө;

3) текшерүүнү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жумуш убактысында жүргүзүүгө;

4) зарылдык болгондо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын маселелери текшерилип жаткан адисинин катышуусунда текшерүүнү жүргүзүүгө;

5) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин же ыйгарым укуктуу кызмат адамынын талабы боюнча текшерүүнү жүргүзүүгө негиз болгон же текшерүү жүргүзүлүп жаткан арыздарды (эгерде текшерүү арыздын негизинде демилгеленип жатса), ошондой эле башка документтерди, ошондой эле аткарылуусу жана сакталуусу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлгөн мыйзамдардын талаптарын көрсөтүүгө;

6) текшерүүнү жүргүзүү үчүн зарыл болгон документтердин көчүрмөлөрүн, документтерден үзүндү көчүрмөлөрдү алууга;

7) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын конкреттүү ченемдерин көрсөтүү менен текшерүүнүн жүрүшүндө айкындалган мыйзам бузууларды негиздөөгө;

8) жүргүзүлгөн текшерүү жөнүндө текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине жазып калтырууга;

9) текшерүүнүн жүрүшүндө алынган купуя маалыматтарды жайылтпоого;

10) ушул Мыйзамда каралган башка милдеттерди аткарууга.

**3. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1) текшерүүлөрдү жүргүзүүгө байланышкан бардык сарптоолорду финансылоону республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырууга;

2) текшерүүгө жаткан талаптарды белгилеген, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы карама-каршылыктарды жана ылайык келбестиктерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына каршы пайдаланбоого;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында карама-каршылыктар жана ылайык келбестиктер белгилүү болгон учурда аларды четтетүү же өркүндөтүү боюнча сунуштарды тийиштүү мамлекеттик органдарга жиберүүгө;

4) текшерүүгө жаткан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында талаптарын сактоо жана туура аткаруу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына түшүндүрмөлөрдү берүүгө;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуулардын алдын алуу, аларга жол бербөө жана бөгөт коюу максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук жана/же практикалык жардам көрсөтүүгө”[17].

[17] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 24-берене.

### 2.3.3. Текшерүүлөрдү жүргүзүүдө айкындалган мыйзам бузуу фактылары боюнча көрүлө турган чаралар

"Текшерүүлөрдүн жүрүшүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуулар айкындалганда ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде:

1) жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча ыйгарым укуктуу органдын чечими кабыл алынгандан кийин мыйзам бузууларды четтетүүнүн мөөнөтүн көрсөтүү менен мыйзам бузууларды четтетүү тууралуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жазма эскертүүлөрдү жиберет;

2) административдик укук бузуулар айкындалган учурда текшерүү актысына белги коет жана административдик укук бузуулар тууралуу протокол түзөт же болбосо Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик жөнүндө мыйзамдарында белгиленген тартипте тийиштүү чарларды көрүү тууралуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга же кызмат адамына билдирүү жиберет;

3) кылмыш жасоонун бар экендигин көрсөткөн жетиштүү маалыматтар белгилүү болгон учурда текшерүү актысына белги коёт жана тийиштүү мамлекеттик органга жазуу жүзүндө билдирүү жиберет. Билдирүүгө жасалган кылмыштын жагдайларын тастыктай турган текшерүү актысы, документтердин көчүрмөлөрү жана башка материалдар тиркелиши мүмкүн. Адамды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинде белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат"[18].

### 2.3.4. Текшерүүлөрдү жүргүзүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарын мамлекеттик коргоо:

1. "Текшерүүлөрдү жүргүзүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарын коргоо административдик жана (же) соттук тартипте жүзөгө ашырылат.

2. Текшерүүчү кызмат адамынын аракеттери жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жогору турган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга, прокуратура органына же түздөн-түз сотко даттанылышы мүмкүн.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул Мыйзамдын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына каршы келген учурларда ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын укукка сыйбаган аракеттерине жана алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүү тууралуу укуктук актыларына карата прокурордук реакция жасоо актысын кабыл алуу тууралуу өтүнүч менен прокуратура органдарына кайрылууга укуктуу"[19].

### 2.3.5. Текшерүүлөрдү жүргүзүүдө ыйгарым укуктуу органдардын жоопкерчилиги

1. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана анын кызмат адамдары текшерүүлөрдү жүргүзүүдө өздөрүнүн функцияларын жана кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбаган, укукка сыйбаган аракеттерди (аракетсиздикти) жасаган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

2. Сот тартибинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы жөнүндө текшерүүнүн натыйжалары тастыкталбагандыгы текшерүү жүргүзгөн кызмат адамына карата ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан тийиштүү чараларды колдонуу үчүн негиз болуп саналат"[20].

## 2.4. Кадамдык аракеттер менен (иш-аракеттердин алгоритми) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүү жүргүзүүнүн тартиби. Текшерилүүчү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары (укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги)

### 2.4.1. Текшерүүлөрдү жүргүзүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктары жана милдеттери

**"1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары төмөнкүдөй укуктарга ээ:**

1) текшерүүнү жүргүзүүчү кызмат адамынын кызматтык ырастамасын көрсөтүүсүн талап кылууга, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын текшерүү жүргүзүү жөнүндө чечими, текшерүү жүргүзүү үчүн негиз болуп саналган арыз (эгерде текшерүү арыздын негизинде де-

[18] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 25-берене.

[19] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 26-берене.

[20] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 27-берене.

милгеленип жатса) жана башка документтер менен таанышууга;

2) текшерүүнү жүргүзүүчү кызмат адамынан текшерүү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминин (тескемесинин, буйругунун, жазма эскертүүсүнүн) көчүрмөсүн, ошондой эле текшерүүнүн натыйжасын чагылдырган актынын бир нускасын алууга;

3) текшерүүнү жүргүзүүгө ыйгарым укуктары жок адамдын текшерүүсүнө жол бербөөгө;

4) эгерде текшерүүнү жүргүзүүчү кызмат адамдарынын талаптары текшерүүнүн предметине тиешеси болбосо, алардын талаптарын аткарбоого;

5) аткарылуусу жана сакталуусу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлгөн жана текшерилүүгө жаткан ченемдик укуктук актылар менен тааныштырууну талап кылууга;

6) текшерилүүгө жаткан мыйзамдарды талаптагыдай аткаруу жана сактоо боюнча усулдук жана/же практикалык жардамдарды (түшүндүрмөлөрдү, консультацияларды) алууга;

7) текшерүүнү жүргүзүүчү кызмат адамынан жүргүзүлгөн текшерүү тууралуу текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине жазып калтырууну талап кылууга;

8) текшерүүнүн натыйжасын жогору турган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга же сотко даттанууга;

9) "ЖӨБО ишине текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамда каралган башка укуктарга.

**2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары төмөнкүлөргө милдеттүү:**

1) текшерүүнү жүргүзүүчү кызмат адамына ушул Мыйзамда белгиленген тартипте көмөк көрсөтүүгө;

2) текшерүүнү жүргүзүүчү кызмат адамынын мыйзамдуу талаптары боюнча текшерүү үчүн зарыл болгон документтерди жана башка материалдарды берүүгө;

3) текшерүүнүн предметине байланышкан маселелер боюнча маалыматтарды, түшүндүрмөлөрдү берүүгө;

4) эгерде текшерүүнүн предмети менен түздөн түз байланышта болсо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын объекттерин, мүлктөрүн карап чыгууга мүмкүнчүлүк берүүгө;

5) текшерүүгө тийиштүү документтер жана башка материалдар менен иштөө үчүн жумуш ордун берүүгө;

6) "ЖӨБО ишине текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамда каралган башка милдеттерди аткарууга[21].

### 2.4.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн кадамдык аракеттери менен тартиби (аракеттердин алгоритми)

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» КР Мыйзамынын ченемдерине ылайык ЖӨБ органдарын текшерүү төмөнкүдөй тартипте жүзөгө ашырылат:

| Кадамдар | Жол-жобо/аракеттер | Аткаруу мөөнөттөрү | Натыйжа/Жумушчу продукт |
|---|---|---|---|
| **Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен ЖӨБОго пландык текшерүүнү жүргүзүү** | | | |
| **1-кадам. Жылдык текшерүүлөр планын түзүү жана Башкы прокуратурага өткөрүү** | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан ЖӨБОну текшерүүнүн жылдык Планынын долбоорун түзүү жана КР Башкы прокуратурасына макулдашууга жөнөтүү. | Текшерүүлөр жүргүзүлө турган жылдан мурунку жылдын 10-декабрынан кечиктирбестен | Жылдык текшерүүлөрдүн планынын долбоору |

[21] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 23-берене.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2-кадам. Жылдык текшерүүлөрдүн планын кароо жана макулдашуу** | ЖӨБОну жылдык текшерүүлөрдүн планынын долбоорун КР Башкы прокуратурасы тарабынан кароо | Жылдык пландын долбоору келип түшкөн учурдан тартып 10 жумушчу күндүн ичинде. | **Натыйжанын 1-варианты:** алгачкы Жылдык текшерүүлөр планы КР Башкы прокуратурасы менен макулдашылды; |
| | | | **Натыйжанын 2-варианты:** КР Башкы прокуратурасы Жылдык текшерүүлөр планын макулдашуудан баш тартты. |
| | | Жылдык текшерүүлөрдүн түзөтүлгөн планы келип түшкөн учурдан тартып 5 жумушчу күндүн ичинде. | **Натыйжанын 3-варианты:** КР Башкы прокуратурасы менен Жылдык текшерүүлөрдүн түзөтүлгөн планы макулдашылды. |
| **3-кадам. Жылдык текшерүүлөр планын бекитүү** | ЖӨБОну жылдык текшерүүлөрдүн планын Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан бекитүү | Текшерүүлөр жүргүзүлө турган жылдан мурунку жылдын 30-декабрынан кечиктирбестен | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан бекитилген жана Башкы прокуратурасы менен макулдашылгын текшерүүлөрдүн жылдык планы. |
| **4-кадам. Текшерүүлөрдүн жылдык планын расмий сайтында жайгаштыруу** | ЖӨБО текшерүүлөрдүн жылдык Планын Башкы прокуратуранын жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайттарында жайгаштырылышы | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ЖӨБО текшерүүлөрдүн жылдык планын бекиткенден кийин 10 жумушчу кундүн ичинде | Башкы прокуратуранын жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайттарында жайгаштырылган ЖӨБО текшерүүлөрдүн жылдык Планы. |
| **5-кадам. Пландык текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө ЖӨБОну кат жүзүндө кабарландыруу** | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен пландык текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө ЖӨБОну кат жүзүндө кабарлоо | Текшерүүнү жүзөгө ашырууга чейин 10 календардык күндөн кечиктирбей | пландык текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө кат жүзүндөгү кабарландыруунун ЖӨБОго келип түшүүсү жана аны кириш журналында каттоо |
| **6-кадам. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен пландык текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө чечим (тескеме, буйрук, жазма буйрук) чыгаруу** | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен пландык текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө чечим (тескеме, буйрук, жазма буйрук) чыгаруу, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси тарабынан кол коюу жана мөөр менен кубөлөндүрүү. | Мөөнөтү Мыйзамда белгиленген эмес. | Пландык текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиликтин колу коюлган жана мөөрү басылган чечими (тескеме, буйрук, жазма буйрук). |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **7-кадам. Пландык текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминин (тескеме, буйрук, жазма буйрук) көчүрмөсүн ЖӨБОнун жетекчисине тапшыруу** | Пландык текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминин (тескеме, буйрук, жазма буйрук) көчүрмөсүн ЖӨБОнун жетекчисине тапшыруу. | ЖӨБОдо текшерүү жүргүзүүнүн алдында | Пландык текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминин (тескеме, буйрук, жазма буйрук) көчүрмөсүн кол коюп алуу. |
| **8-кадам. ЖӨБОну текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинде пландык текшерүүнү каттоо** | ЖӨБОну текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик кызмат адамы тарабынан каттоо | ЖӨБО текшерүүлөрүн жүзөгө ашыруу башталганга чейин | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын кызмат адамы тарабынан ЖӨБОну текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинде каттоо жөнүндө жазуу киргизүү |
| **9-кадам. ЖӨБО пландык текшерүүлөрүн жүзөгө ашыруу** | ЖӨБОдо пландык текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө чечиминде көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамы менен ЖӨБОдо текшерүүнү жүзөгө ашыруу | Пландык текшерүүнүн мөөнөтү 20 жумушчу күндөн ашпоого тийиш | |
| **9А -кадам. ЖӨБО пландык текшерүүлөрдү жүзөгө ашыруунун мөөнөтүн узартуу** | Жетекчинин колу жана мөөрү менен пландык текшерүүлөрдү узартуу жөнүндө кошумча чечим боюнча (тескеме, буйрук, жазма буйрук) ЖӨБО пландык текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө чечиминде көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын кызмат адамы тарабынан ЖӨБО пландык текшерүүлөрдүн мөөнөтүн узартуу | Пландык текшерүүлөрдүн мөөнөтү бир гана жолу жана 10 жумушчу күндөн ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн | Жетекчинин колу жана мөөрү менен пландык текшерүүлөрдү узартуу жөнүндө кошумча чечим (тескеме, буйрук, жазма буйрук)<br>Ушул чечим ЖӨБОну текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамы тарабынан жазылууга тийиш |
| **10-кадам. Пландык текшерүүлөр жөнүндө Актты ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамы тарабынан тариздөө** | Пландык текшерүүлөр жөнүндө Актты 2 нускада ЖӨБО пландык текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө чечимде көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамы тарабынан тариздөө. | Пландык текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминде көрсөтүлгөн текшерүүнүн аяктоо датасы бүткөнгө чейин | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **11-кадам. ЖӨБО жетекчисине пландык текшерүүлөрдүн жыйынтыктары жөнүндө актты ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамы тарабынан тапшыруу** | ЖӨБО жетекчисине пландык текшерүүлөрдүн жыйынтыктары жөнүндө Актты көчүрмөлөрдүн аталыштары, документтердин көчүрмө бөлүктөрү, жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жана экспертизалардын протоколдору менен ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамы тарабынан тапшыруу | Пландык текшерүүнүн аяктоо датасы бүткөнгө чейин | |
| **12-кадам. ЖӨБО жетекчиси тарабынан Пландык текшерүүлөр жөнүндө Актыга кол коюшу** | ЖӨБО жетекчиси тарабынан Пландык текшерүүлөр жөнүндө Акт менен таанышып, кол коюшу<br><br>Актта берилген фактылар менен макул болбогон учурда ЖӨБО жетекчиси Актыга кол коюп, Актка өзүнүн каршы пикирлери тууралуу жазуу жүргүзүүгө тийиш. | Пландык текшерүүнүн аяктоо датасы бүткөнгө чейин<br><br>Пландык текшерүүнүн аяктоо датасы бүткөнгө чейин жана Пландык текшерүүлөр жөнүндө Актты тапшыруу күнү | Кол коюлган Пландык текшерүүлөр жөнүндө Акт<br><br>же<br><br>Актка өзүнүн каршы пикирлери жазылган кол коюлган пландык текшерүүлөр жөнүндө Акт |
| **12 А-кадам. Ыйгарым укуктуу органына пландык текшерүү жыйынтыктарынын Актына каршы пикирлерди түзүү жана жөнөтүү** | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын каршы пикирлерин жүйөлөштүрүп чечмелеген жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрүн жана документтерин кошуп каршы пикир түзүү | Актыны алган күндөп тартып 10 календардык күнгө чейинки мөөнөттө | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга Пландык текшерүүнүн жыйынтыктарынын Актысы тапшырылды жана катталды |
| **12 Б-кадам. Пландык текшерүүлөр жыйынтыктар Актына каршы пикирлерге ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынан жооп алуу** | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан Пландык текшерүүнүн жыйынтыктарынын Актысына каршы пикирге жооп алынды | Мыйзамда белгиленген эмес, бирок “Кайрылууларды кароонун тартиби жөнүндө” Мыйзамга ылайык 14 күн | Кайра текшерүү жүргүзүү жөнүндө пландык текшерүүлөрүнүн жыйынтыктарынын актысына каршы пикирлерге ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан жооп. **Ушуну менен бирге ЖӨБОну кайра текшерүү жүргүзүү жөнүндө кат жүзүндө кабарлоо жөнөтүлөт.** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **12 В-кадам.** **жогору турган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга же сотко текшерүүнүн натыйжаларынын актысына ЖӨБО даттануусу** | ЖӨБО ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын анын каршы пикирине жообу менен макул болбогон учурда, ЖӨБО жогору турган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга же сотко текшерүүнүн натыйжаларынын актысына даттанууга укуктуу | Даттануу түшкөн күндөн 10 күндүн ичинде | Даттануу |
| **13-кадам. Пландык текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө кабарлоо** | Тийиштүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтында же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий сайтында жана/же маалымат тактайчаларында жайгаштыруу | Текшерүү аяктагандан кийин бир айдын ичинде | Тийиштүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтында же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий сайтында жана/же маалымат тактайчаларында жайгаштырылган |
| **14-кадам. Пландык текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө ЖӨБ аткаруу органы тарабынан жергиликтүү кеңешке маалымдоо** | Пландык текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө ЖӨБ аткаруу органы тарабынан жергиликтүү кеңешке маалымдоо | Текшерүү жүргүзүлгөндөн күндөн тартып бир айдын ичинде | Маалымат |
| **15-кадам. ЖӨБ аткаруу органы тарабынан мыйзам бузууларды четтетүү боюнча кабыл алынган чаралар жөнүндө жергиликтүү кеңешке маалымдоо** | ЖӨБ аткаруу органы тарабынан мыйзам бузууларды четтетүү боюнча кабыл алынган чаралар жөнүндө жергиликтүү кеңешке маалымдоо | Текшерүү жүргүзүлгөн күндөн тартып 6 айдын ичинде | Маалымат |

### 2.4.3. ЖӨБО пландан тышкары, контролдук текшерүүлөрдү жана кайра текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү

**ЖӨБО ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» КР Мыйзамынын ченемдерине ылайык ЖӨБ органдарына пландан тышкары текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү:**

- Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүү жөнүндө тийиштүү райондун/шаардын прокуратура органдарына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүү үчүн суроо-талап жиберет.
- Райондун/шаардын прокуратурасы пландан тышкары текшерүүлөрдү жүргүзүүгө уруксат берет же баш тартат.
- Пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын суроо-талаптарын прокуратура органдары мындай суроо-талап келип түшкөн күнү ыкчам тартипте карайт.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүү үчүн прокуратура органдарынын кызмат адамдары пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүү үчүн негиздер болгондо Башкы прокуратурадан, тийиштүү областтын, райондун, шаардын прокурорлорунан макулдук алат.

**«ЖӨБО ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» КР Мыйзамынын ченемдерине ылайык ЖӨБ органдарына контролдук текшерүүлөрдү жана кайра текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү:**

- Мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлүүчү контролдук текшерүүлөр жана кайра текшерүүлөр прокуратура органдары менен макулдашылбайт, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине контролдук текшерүүлөрдү жана кайра текшерүүлөрдү жүзөгө ашырууда тийиштүү райондун, шаардын прокуратура органдарына билдирүүлөрдү жиберүү жетиштүү болот. Ушул текшерүүлөр жүргүзүлүүгө чейин 2 күн калгандан кечиктирбей тиешелүү райондун/шаардын прокуратура органдарына пландан тышкары текшерүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө суроо-талап жөнөтүү менен жүзөгө ашырылат.
- Контролдук текшерүүнү жүргүзүүнүн мөөнөтү 5тен ашпаган жумушчу күндү түзөт.
- Кайра текшерүүнү жүргүзүүнүн мөөнөтү 10 жумушчу күндөн ашпоого тийиш . Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин кошумча чечими боюнча пландан тышкаркы текшерүүнү жана кайра текшерүүнү жүргүзүү мөөнөтү 5 жумушчу күндөн ашпаган мөөнөткө бир жолу узартылышы мүмкүн.
- Кайра текшерүү «ЖӨБО ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы менен пландык жана пландан тышкары текшерүүлөр үчүн каралган тартипте жүргүзүлөт.

# III. АК НИЕТТҮҮ БАШКАРУУ ЖАНА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ТЕКШЕРҮҮНҮ ЖҮРГҮЗҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨ МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДЕРИН ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ БОЮНЧА ТИПТҮҮ СУРООЛОРДУН ТОПТОМУ

### 1-суроо. КККК (коррупцияга каршы коомдук кеңештер) ЖӨБ органдарын текшерүүгө укугу барбы?

**Жооп: жок, КККК ЖӨБ органдарын текшерүүгө укугу жок.**

**Түшүндүрүү:** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 25-майы № 1618-VI «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмектерин бекитүү жөнүндө» токтому менен ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмектери бекитилген. Ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө пландык жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдү, контролдук текшерүүлөрдү жана кайра текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу жок ыйгарым укуктуу органдардын катарына төмөнкүлөр кирет:

1. Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары;
2. Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана анын аймактык органдары;
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жана анын түзүмдүк, ошондой эле аймактык бөлүкчөлөрү.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө пландан тышкаркы текшерүүлөрдү, контролдук текшерүүлөрдү жана кайра текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу жок ыйгарым укуктуу органдардын катарына төмөнкүлөр кирет:

1. Кыргыз Республикасынын прокуратура органдары;
2. Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана анын аймактык органдары;
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жана анын түзүмдүк, ошондой эле аймактык бөлүкчөлөрү;
4. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл боюнча департаменти жана анын түзүмдүк бөлүмчөлөрү, ошондой эле аймактык борборлору[22].

Демек, текшерүү органдарынын жогоруда келтирилген тизмесине кирбегендиктен, ККК ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүүгө укугу жок.

**2-суроо. Текшерүүчү органдар ЖӨБ органдарын кечки убакытта жана жумуш убактысынан тышкаркыубакытта текшере алышабы?**

**Жооп: жок, текшерүү органдары ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн жумуш убактысынан тышкаркы убакытта текшерүүгө укугу жок.**

**Түшүндүрүү:** 2016-жылдын 31-мартындагы №32 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесине ылайык, «текшерүүчү кызмат адамдары текшерүүнү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жумуш убактысында жүргүзүүгө милдеттүү»[23].

**3-суроо. Мамлекеттик экотехинспекциянын текшерүүсү 6 айга созулду. Бул жагдайда текшерүүчү органдын иш-аракеттери укук ченемдүүбү?**

**Жооп: нет, бул жагдайда КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын иш аракеттери мыйзамсыз болуп саналат, анткени алар мыйзам менен аныкталган мөөнөттөрдү сакташкан эмес.**

**Түшүндүрүү:** 2016-жылдын 31-мартындагы №32 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинде ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүүнүн мөөнөттөрү аныкталган, алар «ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын текшерүү жүргүзүү жөнүндө чечиминин (тескемесинин, буйругунун, жазма эскертүүсүнүн) көчүрмөсү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисине тапшырылган күндөн тартып башталат.

Пландык текшерүүнү жүргүзүүнүн мөөнөтү 20 жумушчу күндөн ашпоого тийиш. Бул мөөнөт 10 жумушчу күндөн ашпаган мөөнөткө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин кошумча чечими (тескемеси, буйругу, жазма эскертүүсү) менен бир жолу узартылышы мүмкүн.

Пландан тышкаркы текшерүүнү жана кайра текшерүүнү жүргүзүүнүн мөөнөтү 10 жумушчу күндөн ашпоого тийиш. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин кошумча чечими (тескемеси, буйругу, жазма эскертүүсү) боюнча пландан тышкаркы текшерүүнү жана кайра текшерүүнү жүргүзүү мөөнөтү 5 жумушчу күндөн ашпаган мөөнөткө бир жолу узартылышы мүмкүн.

Контролдук текшерүүнү жүргүзүүнүн мөөнөтү 5тен ашпаган жумушчу күндү түзөт.

Текшерүүнүн бүткөрүлгөн мөөнөтү деп ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминде (тескемесинде, буйругунда, жазма эскертүүсүндө) көрсөтүлгөн текшерүүнүн бүткөрүлүш датасы эсептелет. Эгерде текшерүүнүн

[22] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 25-майындагы № 1618-VI "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмектерин бекитүү жөнүндө" токтому http://www.kenesh.kg/ky/article/show/2121/ot-25-maya-2017-goda-1618-vi-ob-utverzhdenii-perechney-upolnomochennih-gosudarstvennih-organov-imeyushtih-pravo-na- .

[23] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 24-берене http://www.gamsumo.gov.kg/laws/acts/50 .

натыйжалары жөнүндө акт чечимде (тескемеде, буйрукта, жазма эскертүүдө) көрсөтүлгөн текшерүү датасы бүткөнгө чейин тапшырылса, жүргүзүлгөн текшерүүнүн натыйжалары жөнүндө акт жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына тапшырылган дата текшерүү бүткөрүлгөн күн деп эсептелет.

Текшерүү жүргүзүүнүн мөөнөтү бүткөндөн кийин текшерүү жүргүзүүгө жол берилбейт. Текшерүү жүргүзүүнүн мөөнөтү бүткөндөн кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамына андан ары текшерүүнү жүзөгө ашырууга жол бербөөгө укуктуу»[24].

**4-суроо. Текшерүүлөрдү каттоонун журналында пландык текшерүүлөр гана катталат. Пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүүдө текшерүүчү органдардын бул журналга катталуудан баш тартуусу укук ченемдүүбү?**

**Жооп: Бул иш-аракет текшерүүчү орган/кызмат адамы тарабынан мыйзамда аныкталган ченемдерди бузуу болуп саналат.**

**Түшүндүрүү:** 2016-жылдын 31-мартындагы №32 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесине ылайык, «ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамы текшерүүнү жүзөгө ашырууну баштаганга чейин, текшерүүлөрдү эсепке алуунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында жүргүзүлүүчү китебине жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ишин текшерүүнү каттоого милдеттүү»[25].

КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-июлундагы №398 токтому менен бекитилген, Текшерүүлөрдү каттоо китебине катталуунун тартибине ылайык, каттоо китеби ЖӨБ органы тарабынан уюштурулат жана жүргүзүлөт, жана ал расмий документ болуп саналат. ЖӨБ органынын жетекчисинин чечими менен аны жүргүзүүгө жана сактоого жооптуу адам дайындалат.

Ошол эле учурда шаардык кеңеш жана шаардын мэриясы текшерүүлөрдү каттоонун китептерин өз-өзүнчө жүргүзүшү керек, ал эми айылдык кеңеш жана айыл өкмөтү текшерүүлөрдү каттоонун бирдиктүү же өзүнчө китебин жүргүзүшө алышат. Текшерүүлөрдү каттоо китеби КР Өкмөтү тарабынан бекитилген форма боюнча жүргүзүлөт.

Текшерүүлөрдү жүргүзүүнү баштаганга чейин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматтык адамдары ЖӨБ органынын текшерүүлөрдү каттоо китебинде катталууга милдеттүү. Ошол эле учурда текшерүүчү адам ЖӨБ органынын жетекчисине текшерүү жүргүзүү жөнүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминин (тескемесинин, буйругунун, жазма эскертүүсүнүн) көчүрмөсүн берүүгө жана аны текшерүүнүн предмети менен тааныштырууга милдеттүү; Текшерүүчү адам (адамдар) жөнүндө маалыматтар ЖӨБ органынын текшерүүлөрдү каттоо китебине жазылат жана текшерүүчү адам тарабынан кол коюлат.

Текшерүүлөрдү каттоо китебине каттоо жүргүзүүсүз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын текшерүүгө жол берилбейт. Ошондой эле ЖӨБ органынан текшерүүлөрдү каттоо китебин алууга тыюу салынат. Зарыл болгон учурларда ЖӨБ органы текшерүүлөрдү каттоо китебинен ырасталган көчүрмө бере алат.

**5-суроо. ЖӨБ органдары жеке компаниялардын (ЖЧК) ишмердүүлүгүн текшере алабы? Эгерде текше алса, кандай учурларда?**

**Жооп: ЖӨБ органдары жеке компаниялардын (ЖЧК) ишмердүүлүгүн текшерүүгө укугу жок.**

**Түшүндүрүү:** КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 21-июлундагы № 411 «Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмесин жактыруу жөнүндө» токтомунда Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын конкреттүү тизмеси бекитилген жана алардын катарында ЖӨБ органдары жок.

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасын төмөнкүлөр түзөт: 1) жергиликтүү кеңештер (айылдык жана шаардык) - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары - ; 2) айыл өкмөтү, шаарлардын мэриялары - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары.

**6-суроо. Райондук прокуратуранын өкүлдөрү менен чогуу келген жеке аудиторлор (жеке компаниялар), эгерде ал аудиторлордун фамилиялары прокуратуранын буйругунда көрсөтүлбөсө, ЖӨБ органдарын текшерүүгө укугу барбы?**

[24] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 14-берене http://www.gamsumo.gov.kg/laws/acts/50 .

[25] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 15-берене http://www.gamsumo.gov.kg/laws/acts/50 .

**Жооп: жок, текшерүү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу адамдар катары буйрукта көрсөтүлбөгөн адамдар ЖӨБ органынын ишмердүүлүгүн текшерүүгө укугу жок.**

**Түшүндүрүү:** 2016-жылдын 31-мартындагы №32 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесине ылайык, «жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминин (тескемесинин, буйругунун, жазма эскертүүсүнүн) негизинде жүзөгө ашырылат. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминде (тескемесинде, буйругунда, жазма эскертүүсүндө) төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) текшерүү жүргүзүү тууралуу чечимдин (тескеменин, буйруктун, жазма эскертүүнүн) номери жана датасы;

2) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аталышы;

3) текшерүү жүргүзүүгө ыйгарым укук берилген адамдын (адамдардын) фамилиясы, ысымы, атасынын ысымы;

4) текшерүү жүргүзүү пландаштырылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы жана дареги;

5) жүргүзүлө турган текшерүүнүн предмети, негиздөөсү жана түрү;

6) текшерилүүгө жаткан ченемдик укуктук актылардын аталыштарынын тизмеги;

7) текшерүүнүн башталышынын жана бүткөрүлүшүнүн датасы.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүү жөнүндө чечимдеринде прокуратура органдары менен макулдашуунун датасы кошумча көрсөтүлөт. Текшерүү жүргүзүү жөнүндө чечимге (тескемеге, буйрукка, жазма эскертүүгө) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси кол коет жана мөөр менен күбөлөндүрүлөт. Чечимдин (тескеменин, буйруктун, жазма эскертүүнүн) көчүрмөсү текшерүү жүргүзүлөөрдүн алдында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисине тапшырылат. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминде (тескемесинде, буйругунда, жазма эскертүүсүндө) көрсөтүлгөн адамдарга гана текшерүү жүргүзүүгө жол берилет»[26].

## 7-суроо. Мамэкотехинспекция ЖӨБ органын текшерүү үчүн райондук прокурордун буйругун алышы керекпи?

**Жооп: ооба, ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүү жүргүзүүчү мамлекеттик органдар, ыйгарым укуктуу адамдар текшерүүнү райондук прокуратуранын тийиштүү буйругунун негизинде жүргүзүшү керек.**

**Түшүндүрүү:** 2016-жылдын 31-мартындагы № 32 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүзөгө ашырууну уюштуруунун бирдиктүү тартиби аныкталган.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 25-майы № 1618-VI «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмектерин бекитүү жөнүндө» токтому менен ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмектери бекитилген. Тактап айтканда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө пландык жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдү, контролдук текшерүүлөрдү жана кайра текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу жок ыйгарым укуктуу органдардын катарына төмөнкүлөр кирет:

1. КР прокуратура органдары
2. КР Социалдык фонду жана анын аймактык бөлүмдөрү
3. КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө пландан тышкаркы текшерүүлөрдү, контролдук текшерүүлөрдү жана кайра текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу жок ыйгарым укуктуу органдардын катарына төмөнкүлөр кирет:

1. КР прокуратура органдары
2. КР Социалдык фонду жана анын аймактык бөлүмдөрү
3. КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жана анын түзүмдүк, ошондой эле аймактык бөлүкчөлөрү;

[26] 2016-жылдын 31-мартындагы № 32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 13-берене http://www.gamsumo.gov.kg/laws/acts/50 .

4. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл боюнча департаменти жана анын түзүмдүк бөлүмчөлөрү, ошондой эле аймактык борборлору»[27].

**8-суроо. Муниципалдык кызматка байланыштуу кандай чектөөлөр бар?**

**Жооп: 2016-жылдын 30-майындагы № 75 «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамында (КР 2017-жылдын 28-июлундагы №162 Мыйзамынын редакциясында) муниципалдык кызматка байланыштуу төмөнкүдөй чектөөлөр каралган.**

**Түшүндүрүү:** 2016-жылдын 30-майындагы № 75 «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамынын (КР 2017-жылдын 28-июлундагы №162 Мыйзамынын редакциясында) 19-беренесине ылайык, төмөнкүдөй адамдар муниципалдык кызматтарды ээлей алышпайт:

- Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналбаган;
- ушул кызмат орду үчүн мыйзамдарда жана кызматка алууну жүзөгө ашырып жаткан тиешелүү мамлекеттик орган, ЖӨБ органы тарабынан белгиленген квалификациялык талаптарга ылайык келбеген;
- жашы жетиле элек адамдар (18 жашка толо элек);
- соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп таанылган же болбосо ага соттун айыптоочу өкүмү менен кызматчы катары ишти жүзөгө ашырууга же мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарда белгилүү бир кызмат орундарын ээлөөгө тыюу салынган;
- мыйзамда белгиленген тартипте алынбаган же жоюлбаган соттолгондугу бар[28].

Ошондой эле 2016-жылдын 30-майындагы № 75 «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамында (КР 2017-жылдын 28-июлундагы №162 Мыйзамынын редакциясында) 22-беренесинде муниципалдык кызматка байланыштуу төмөнкүдөй чектөөлөр каралган, тактап айтканда, «[муниципалдык] кызматкерге төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) [муниципалдык] кызматчыга - мамлекеттик жарандык кызматта турууга;

2) төмөнкү учурларды кошпогондо, акы төлөнүүчү башка иш менен алектенүүгө: жетекчи менен макулдашуу боюнча мыйзамдарда тыюу салынбаган каражаттардан кошумча төлөнүүчү тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү билим берүү, эксперттик, илимий жана башка чыгармачылык иштер менен алектенүүгө;

3) өзү же ишенимдүү жактар аркылуу ишкердик иш менен алектенүүгө, уюштуруу-укуктук формаларына карабастан чарба жүргүзүүчү субъекттерди башкарууга катышууга, ошондой эле бул үчүн кандай гана болбосун пайда алуу менен, жеке жана юридикалык жактарга ишкердик ишин жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү үчүн өзүнүн кызматтык абалын пайдаланууга;

4) эгерде мыйзамдарда башкача каралбаса, мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында үчүнчү жактардын иштери боюнча ишеним берилген же башка өкүл болууга;

5) маалыматтарды, материалдык-техникалык, финансылык жана маалыматтык камсыз кылуу каражаттарын, кызматтык автотранспорт каражаттарын жана башка кызматтык иш үчүн гана арналган мүлктөрдү кызматтык эмес максаттарга пайдаланууга;

6) кызматтык милдеттерди аткарууга байланыштуу мыйзамдарда каралбаган сый акыларды (акчалай жана башка сый акыларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, көңүл ачууга, эс алууга, транспорттук чыгымдарга төлөөлөрдү) жана жеке жана юридикалык жактардан белектерди алууга; Протоколдук иш-чараларга, кызматтык иш сапарларга жана башка расмий иш-чараларга байланыштуу алынган белектер, тиешелүүлүгүнө жараша, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүлкү катары таанылат жана тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына Өкмөт тарабынан белгиленген тартипте өткөрүп берилет;

7) өзүнүн кызматтык иштерине байланыштуу жана кызмат убагында саясий партияларды, коомдук бирикмелерди жана диний ую-

[27] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 25-майы № 1618-VI “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмектерин бекитүү жөнүндө” токтому http://www.kenesh.kg/ky/article/show/2121/ot-25-maya-2017-goda-1618-vi-ob-utverzhdenii-perechney-upolnomochennih-gosudarstvennih-organov-imeyushtih-pravo-na- .

[28] 2016-жылдын 30-майындагы № 75 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамы, 19-берене http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111354/30?cl=ky-kg&mode=tekst .

мдарды түзүүгө, алардын иштерине кандайдыр бир формада катышууга же көмөктөшүүгө; кызматтык иштерин партиялык программаларга жана чечимдерге баш ийдирүүгө;

8) аны менен жакын туугандык мамилелерде турган адамдардын түздөн-түз кол алдында же көзөмөлүндө болгон кызматтарда туруусуна;

9) анын кызматы менен байланышкан, ал ыйгарым укуктуу болбогон иштер боюнча өзүнө милдеттенмелерди алууга жана убада берүүгө;

10) кызматчынын өзүнүн жана анын жакын туугандарынын түздөн-түз жеке кызыкчылыгын козгогон маселелерди чечүү максатында, өзүнүн кызматтык абалын пайдаланууга;

11) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине бөгөт болгон иш таштоолорго, митингдерге, манифестацияларга жана башка иш-чараларды уюштурууга же аларга катышууга;

12) кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу ага белгилүү болуп калган, мыйзамдарга ылайык жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтарды кызматтык милдеттерин аткаруу менен байланышпаган максаттарда жайылтууга же пайдаланууга;

13) кызмат убагында референдум жана шайлоо өнөктүктөрүнүн мезгилинде шайлоо алдындагы үгүт иштери менен алектенүүгө;

14) эгерде эл аралык келишимдерде жана мыйзамдарда башкача каралбаса, чет өлкөлүк камкордук же байкоочу кеңештердин башкаруу органдарынын, коммерциялык эмес уюмдардын башкаруу органдарынын жана Кыргыз Республикасынын аймагында алардын иштеп жаткан түзүмдүк бөлүмдөрүнүн курамына кирүүгө;

15) мыйзамдарга жана эл аралык келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылуучу кызматтык иш сапарларды кошпогондо, жеке жана юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары кызматтык иш сапарларга чыгууга;

16) алар тарабынан мамлекеттик, жергиликтүү жана коомдук кызыкчылыктарга келтирилген зыяндар далилденген учурларды кошпогондо, жогору турган органдын же кызмат адамынын аракеттерин көпчүлүк алдында сынга алууга.

2. Ушул беренеде каралган чектөөлөрдүн сакталбаган фактысынын белгиленүүсү кызматчыга карата, ээлеген кызмат ордунан бошотууга чейин тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу үчүн негиз болуп саналат.

3. Кызматчы кызматын токтоткондон кийин бир жылдын ичинде төмөнкүлөрдү жасай албайт:

1) үчүнчү жактын кызыкчылыгында анын компетенциясына кирген маселелер боюнча өзү мурда иштеген жери боюнча кайрылууга;

2) кызматта турган мезгилинде анын карамагына кирген иштер боюнча жеке же юридикалык жактын атынан аракеттенүүгө, бул ошол жеке же юридикалык жакка кошумча артыкчылык бермек.

4. Эгерде мыйзамдарда башкача каралбаса, кызматкер коммерциялык эмес уюмдардын башкаруу органдарынын курамына кирүүгө тыюу салынат;

5. Башка мамлекеттин жарандыгы бар кызматчы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчи кызмат орундарын ээлей албайт»[29].

### 9-суроо. ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүүдө текшерүүчү органдар үчүн кандайдыр-бир чектөөлөр барбы, же алардын ыйгарым укуктары чектелген эмеспи?

**Жооп: Ооба, ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн текшерүүнү жүргүзүүдө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары үчүн белгилүү чектөөлөр аныкталган.**

**Түшүндүрүү:** 2016-жылдын 31-мартындагы № 32 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, «ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жана алардын кызмат адамдарына төмөнкүлөргө тыюу салынат:

1) текшерүүлөрдү жүргүзүү процессинде муниципалдык кызматкерлердин өз функцияларын жана ыйгарым укуктарын аткаруусуна тоскоолдук түзүүгө;

2) текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн белгиленген мөөнөтүн бузууга;

3) текшерүүлөрдү жүргүзүүгө байланышкан чыгымдардын ордун толтурууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан талап кылууга;

4) эгерде текшерүүнүн предметине кирбесе, документтерди, маалыматтарды берүүнү,

[29] 2016-жылдын 30-майындагы № 75 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" КР Мыйзамы, 22-беренеси http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111354/30?cl=ky-kg&mode=tekst

объекттерди, мүлктү карап чыгууну талап кылууга, ошондой эле мындай документтердин түп нускаларын алып коюуга;

5) кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу менен алынган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши жөнүндөгү маалыматтарды топтоого, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн натыйжасында алынган мамлекеттик, кызматтык жана мыйзам менен корголгон башка жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды жайылтууга;

7) эгерде мыйзамдарда белгиленген милдеттүү талаптардын сакталышын текшерүү текшерүүнү жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын компетенциясына кирбесе, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мындай талаптарды аткаруусун текшерүүгө;

8) арыз берүүчүнүн маалыматтары (фамилиясы, ысымы, жашаган жеринин дареги) көрсөтүлбөгөн, анонимдүү арыз менен демилгеленген пландык же пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүзөгө ашырууга;

9) текшерүү жүргүзгөндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан акчалай формада административдик жазапулдарды жана башка төлөмдөрдү тикелей алууга. Бардык эсептешүүлөр тийиштүү эсептешүү эсептери жана кредиттик-кассалык мекемелер аркылуу жүргүзүлүүгө тийиш;

10) текшерүү жүргүзгөндүгү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана алардын кызмат адамдарынан кандайдыр-бир сый акы талап кылууга же алууга;

11) текшерүү жүргүзгөндө айкындалган мыйзам бузуунун болуу фактысын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине кийлигишүү үчүн негиз катары пайдаланууга;

12) ушул Мыйзамда каралбаган текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартибине жана жол-жоболоруна тиешеси бар кошумча талаптарды белгилөөгө»[30].

**10-суроо. Пландан тышкаркы текшерүүлөрдү өткөрүүдө текшерүүчү органдар ЖӨБО ишмердүүлүгүн текшерүүнү үчүн буйрук алышы керекпи?**

**Жооп: Ооба, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары пландан тышкаркы текшерүүлөрдү тийиштүү райондун, шаардын прокуратура органдары менен макулдашуудан кийин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын чечиминин (тескемесинин, буйругунун, жазма эскертүүсүнүн) негизинде жүргүзүшөт.**

**Түшүндүрүү:** 2016-жылдын 31-мартындагы № 32 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, «жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландан тышкаркы текшерүүнү тийиштүү райондун, шаардын прокуратура органдары менен макулдашуудан кийин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечиминин (тескемесинин, буйругунун, жазма эскертүүсүнүн) негизинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамдары жүргүзөт. Райондун, шаардын прокуратура органдары пландан тышкаркы текшерүүлөрдү макулдашууда сунушталган пландан тышкаркы текшерүүлөрдүн мыйзамдуулугун көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүү жөнүндө тийиштүү чечимин (тескемесин, буйругун, жазма эскертүүсүн) чыгарганга чейин тийиштүү райондук, шаардык прокуратура органдарына пландан тышкаркы ушул текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө суроо-талабын жиберет.

Пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүү жөнүндө суроо-талапта төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

1) текшерүүнү жүзөгө ашыруунун башталышынын жана бүткөрүлүшүнүн датасы;

2) иши пландан тышкаркы текшерүүгө жаткан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы жана жайгашкан жери;

3) текшерүүнүн предмети жана негиздөөсү;

4) сакталышы жана аткарылышы текшериле турган ченемдик укуктук актылардын аталыштарынын тизмеги;

5) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (аймактык, түзүмдүк бөлүктөрүнүн) аталышы.

Пландан тышкаркы текшерүү жүргүзүүнүн негиздери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы, муниципалдык кызматкерлер тарабынан

[30] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 5-берене http://www.gamsumo.gov.kg/laws/acts/50

мыйзамдарды бузуулардын бар экендигин көрсөткөн жетиштүү маалыматтарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын түздөн түз табуусу;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, муниципалдык кызматкерлер тарабынан мыйзамдарды бузуулардын бар экендигин көрсөткөн маалыматтарды камтыган материалдардын, маалыматтардын укук коргоо органдарынан, ошондой эле башка мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, жеке жана юридикалык жактардан келип түшүүсү;

3) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, муниципалдык кызматкерлер тарабынан мыйзамдарды бузуулар бар экендигин көрсөткөн маалыматтарды камтыган жеке жана юридикалык жактардын жазуу жүзүндөгү кайрылуулары жана арыздары, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарындагы маалыматтар.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилген кайрылуунун же арыздын ээсинин фамилиясын, ысымын жана жашаган жеринин дарегин белгилөөгө мүмкүн болбогондо анонимдүү деп эсептелет жана каралууга жатпайт.

Бир жыл аяктаганга чейин текшерүүнүн бир эле предмети боюнча ар түрдүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүүсүнө жол берилбейт.

Жеке, юридикалык жактардын арыздарында, кайрылууларында, ошондой эле ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга келип түшкөн материалдарда жана маалыматтарда көрсөтүлгөн маалыматтардан жана фактылардан башка негизде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерине пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүүгө жол берилбейт»[31].

### 11-суроо. Айыл өкмөтүндө коррупциянын алдын алуу маселелери ыйгарым укуктуу адамдын функциялары жана ыйгарым укуктары кандай?

**Жооп: Мамлекеттик органдарда жана ЖӨБ органдарында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу адамдын ишмердүүлүгүн уюштуруу КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 16-сентябрындагы № 642 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу жөнүндө типтүү жободо аныкталган.**

**Түшүндүрүү:** тактап айтканда, жогоруда аталган типтүү жобого ылайык, «ыйгарым укуктуунун негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- коррупциянын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын (мындан ары - орган) ишин координациялоо;

- коррупциянын алдын алуу чараларын киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- коррупцияга каршы чаралардын ишке ашырылышына алгачкы мониторинг жүргүзүү;

- органдын тутумунда коррупциянын алдын алуу чараларын методологиялык жана консультациялык коштоо.

Ыйгарым укуктуу төмөнкүдөй иш-милдеттерди ишке ашырат:

- органда коррупциялык тобокелдиктерди баалайт жана башкарат, аныкталган тобокелдиктерди азайтуу жана жоюу (башкаруу) боюнча сунуштарды даярдайт;

- кызыкчылыктардын кагылышынын келип чыгуусуна мүмкүнчүлүк түзүүчү себептерди жана шарттарды аныктоо жана жөнгө салуу боюнча иштерди жүргүзөт;

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин жүрүм-турумдарынын этикалык стандарттарын жана үлгүлөрүн, ак ниеттүү башкаруу принциптерин жайылтуу боюнча иштерди аткарат;

- түзүмдүк, ведомствого караштуу бөлүнүштөр менен бирге мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коррупцияга каршы программасын жана планын иштеп чыгып, алардын аткарылуу процесстерин координациялайт;

- органдын бөлүнүштөрүнүн арыздар, жарандардын жана юридикалык жактардын, анын ичинде «ишеним телефону» жана электрондук почта аркылуу келип түшкөн кайрылуулар менен иштөө боюнча ишинде коррупциялык фактылар жөнүндө маалыматтардын бар же жок экендигине талдоо жүргүзөт;

- органдын жетекчисине төмөнкүдөй маселелер боюнча материалдарды даярдайт жана сунуштайт: көйгөйлөрүнө, коррупциялык факторлорго жана коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу чараларына арналган жалпыга маалымдоо каражаттарындагы макалаларга

[31] 2016-жылдын 31-мартындагы №32 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 8-берене http://www.gamsumo.gov.kg/laws/acts/50 .

мониторинг жүргүзүү; жарандардын жана юридикалык жактардын коррупциялык кол салуулардан коргоо боюнча кайрылууларын карап чыгуу иштерин талдоо; коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү органдын өкмөттүк эмес уюмдар жана көз карандысыз эксперттер менен өз ара аракеттенүү;

- органдын кызматкерлерин (персоналын, жумушчуларын) коррупцияга каршы окутууну уюштурат, ошондой эле аларга жекече кеңеш берет;

- кызыкчылыктардын кагылышынын алдын алууга же жөнгө салууга, ошондой эле 2012-жылдын 8-августундагы № 153 (КР 2017-жылдын 18-мартындагы №46 Мыйзамынын редакциясында) «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана коррупцияга каршы күрөшүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген ченемдердин аткарылышын сактоого багытталган чектөөлөрдүн, тыюу салуулардын жана талаптардын органдын кызматкерлери (персоналдар, жумушчулар) тарабынан сакталышын камсыздоодо адам ресурстарын башкаруу кызматына (кадрдык бөлүнүштөргө) көмөк көрсөтөт;

- кызматкерлердин коррупциялык укук бузууларды, анын ичинде кызыкчылыктардын кагылышына байланыштуу иштерди жасоого аракет кылган факторлорду эсепке алуу жана аларга мындай жагдайларда зарыл болгон чараларды көрүү маселелери боюнча кеңеш берет;

- органдын ишиндеги ачыктыкты жогорулатууга жана маалыматтын айкындуулугун камсыз кылууга көмөктөшөт;

- органда коррупциянын алдын алуу процессине жарандык коомдун институттарын тартуу боюнча иш-чараларды өткөрөт;

- ишке ашырылып жаткан алдын алуу чаралары жөнүндө калк арасында коррупцияга каршы үгүттөө жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнүн программасын жана планын иштеп чыгат;

- кызматтык иликтөө жүргүзүү, кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө декларацияларды карап чыгуу жана талдоо боюнча комиссиялардын, ошондой эле этика боюнча комиссиянын ишине катышат;

- органдагы коррупциялык тобокелдиктердин тизмегин жана кызыкчылыктардын кагылышынын типтүү жагдайларынын маалымат базасын түзөт;

- мамлекеттик органдын коомдук кеңешинин ишин уюштурат.

Ыйгарым укуктуу өзүнүн иш-милдеттерин натыйжалуу камсыз кылуу үчүн төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмдүк бөлүнүштөрүнөн талдоо жүргүзүү үчүн керектүү маалыматтарды тоскоолдуксуз сурап алууга;

- коррупциянын алдын алуу боюнча иш-чараларды уюштурууга;

- коррупцияга каршы чаралар иш жүзүнө талаптагыдай эмес ашырылган учурлар жөнүндө мамлекеттик органдын жетекчилигине билдирүүгө;

- коррупциялык тобокелдиктерди төмөндөтүү жана аныкталган коррупциялык схемаларды жоюу боюнча мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары кароого милдеттүү болгон сунуштарды киргизүүгө.

Өз иш-милдеттерин натыйжалуу аткаруу үчүн Ыйгарым укуктууга төмөнкүдөй милдеттер жүктөлөт:

- Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча программанын, иш-чаралар планынын жана ведомстволук пландардын ишке ашырылышын баалоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн жооптуу болгон Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын тийиштүү түзүмдүк бөлүнүштөрүнө берүү үчүн квартал сайын органдын отчетун түзүү;

- органдын коллегиясында каралууга тийиш болгон маалыматтарды жыл сайын берүү»[32].

**12-суроо. Биздин кызмат орундарыбыз үчүн коррупциялык тобокелдерди кандай жол менен аныкташыбыз керек, эгерде бизде аларды так түшүнүү жок болсо?**

**Жооп: «коррупциялык тобокелдик - бул мамлекеттик башкаруу системасында түптөлгөн аракет көрүү/аракетсиздик үчүн мүмкүнчүлүк, ошондой эле мамлекеттик органдардын кызмат адамдарын өзү же үчүнчү жактар үчүн пайда көрүү максаттарында кызмат абалын мыйзамсыз пайдаланууга же аталган жакка, башка жеке жактарга мындай пайданы мыйзамсыз берүүгө түртку**

[32] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн2015-жылдын 16-сентябрындагы №642 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу жөнүндө Типтүү жобо http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/98017/10?cl=ky-kg&mode=tekst .

**берген жагдайлардын болушу; коррупциогендик кызмат орду - коррупциянын тобокелдигине эң көп туш болуучу кызмат орду; коррупциялык тобокелдиктерди баалоо - коомдун жана мамлекеттин мыйзамдуу кызыкчылыктарына карабастан, акча, башка мүлктүк баалуулуктар же мүлктүк мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөр, башка мүлктүк укуктар түрүндө кызмат адамы сыяктуу эле үчүнчү жактар үчүн пайда алуу максаттарында кызматтык милдеттерин кыянаттык менен пайдаланууга мүмкүндүк түзүүчү, конкреттүү башкаруу процессинин жүрүшүндө пайда болуучу шарттарды жана жагдайларды (аракеттерди, окуяларды) табуу процесси»[33].**

**Түшүндүрүү:** Коррупциялык тобокелдиктерди табууга, баалоого жана башкарууга карата бирдей ыкманы белгилөө максатында, КР Премьер-министринин 2016-жылдын 18-майындагы № 281 буйругу менен, Коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу боюнча методикалык колдонмо бекитилген. ЖӨБ органдарынын кызмат оруңдары үчүн коррупциялык тобокелдиктерди аныктоодо ушул методикалык колдонмону жетекчиликке алуу сунушталат. Ошол эле учурда ушул Методикалык колдонмо мамлекеттик башкаруу системасындагы коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу боюнча иштелип чыгарылгандыгын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өзгөчөлүктөрүнө ыңгайлаштырылбагандыгын белгилеп кетүү зарыл. Анткен менен ал методикалык курал катары колдонуу үчүн ылайыктуу. Андан тышкары ушул Колдонмого 2-тиркемеде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айрым кызматкерлери үчүн коррупциялык тобокелдерди аныктоо үчүн типтүү үлгү-таблицалар келтирилген. Бул таблицалар практикалык тренингдик модулдарды өткөрүүнүн жүрүшүндө пилоттук муниципалитеттердин өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн.

## ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

- КР Конституциясы, 2010-жылдын 27-июнунда референдум (жалпы элдик добуш берүү) менен кабыл алынган (2010-жылдын 27-июнундагы КР Мыйзамы менен колдонууга киргизилген) (КР 2016-жылдын 28-декабрындагы №218 Мыйзамынын редакциясында);
- 2012-жылдын 8-августундагы №153 «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (КР 2017-жылдын 18-мартындагы №46 Мыйзамынын редакциясында);
- 2017-жылдын 12-декабрындагы №206 «Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө» КР Мыйзамы (11);
- 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» КР Мыйзамы (КР 2017-жылдын 30-майындагы №93 Мыйзамынын редакциясында);
- 2016-жылдын 30-майындагы № 75 «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамы (КР 2017-жылдын 28-июлундагы №162 Мыйзамынын редакциясында);
- 2017-жылдын 2-августундагы «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган же ээлеген адамдардын кирешелерин, чыгымдарын, милдеттенмелерин жана мүлкүн декларациялоо жөнүндө» КР Мыйзамы;
- 2009-жылдын 17-июлундагы №224 «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» КР Мыйзамы (КР 2016-жылдын 5-мартындагы №19 Мыйзамынын редакциясында);
- 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамы (КР 2017-жылдын 28-июлундагы №163 Мыйзамынын редакциясында);
- 2016-жылдын 31-мартындагы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы;
- КР Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы №26 Жарлыгы менен бекитилген КРде коррупцияга каршы туруу саясатынын мамлекеттик стратегиясы;
- КР Президентинин 2011-жылдын 14-декабрындагы «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинде Коррупцияга каршы күрөшүү кызматын түзүү жөнүндө» N 27 ПЖ Жарлыгы;

[33] КР Премьер-министринин 2016-жылдын 18-сентябрындагы №281 буйругу менен бекитилген Коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу боюнча методикалык колдонмо, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/215180/10?cl=ky-kg&mode=tekst .

- КР Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы «Бийлик органдарында саясий жана тутумдук коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө» N 215 ПЖ Жарлыгы;
- КР Президентинин 2016-жылдын 15-мартындагы «Ишкердик субъекттеринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин укук коргоо жана салык органдары тарабынан текшерүүдө аларды укуктук коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө» № 58 ПЖ Жарлыгы;
- Ишкердик субъекттерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата укук коргоо жана салык кызматы органдары тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү каттоонун убактылуу эрежелери (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-июлундагы № 417 токтому);
- КР Өкмөтүнүн «Текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинин формасын жана текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине каттоонун тартибин бекитүү жөнүндө» 2016-жылдын 15-июлундагы № 398 токтому;
- КР Өкмөтүнүн 16.09.2015-жылдагы №642 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу жөнүндө типтүү жобо;
- КР Өкмөтүнүн 14.12.2016-жылдагы № 674 «Мамлекеттик жарандык кызматы жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдардын сактоосун камсыз кылуу маселелери жөнүндө» токтому;
- КР Премьер-министринин 2016-жылдын 18-сентябрындагы № 281 буйругу менен бекитилген Коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу боюнча методикалык колдонмо;.

## БАШКА БУЛАКТАР

- Латвия Республикасынын Омбудсменинин веб-баракчасы, «Ак ниеттүү башкаруу тууралы сында», http://www.tiesibsargs.lv/ru/pages/prava-cheloveka/dobrosovestnoje-upravlenije/o-dobrosovestnom-upravlenije;
- Качкина Т.Б. Качкин А.В. Коррупция жана ага каршы аракеттенүү стратегиясынын негизги элементтери: окуу куралы - Ульяновск: Печатный двор, 2010;
- Klitgard R., MacLean-Abaroa R. Corrupt cities: practical guide and prevention. Chapter 11 «Formulating a strategy» and Chapter V «Implementing reform». California, Oakland: Institute for Contemporary Studies, 2004;
- Коррупциянын себептери: https://finlit.online/osnovyi-ekonomiki/prichinyi-korruptsii-51097.html
- «Ийгиликтүү аймак» долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл жана Ош областтарынын пилоттук айыл аймактары үчүн өткөрүлгөн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ак ниеттүү башкаруу боюнча тренингдин практикалык ишинин жыйынтыктары, 2018-ж.

## КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **ЧУА** | ченемдик-укуктук актылар |
| **ЖӨБО** | жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары |
| **ЖӨБ органдары** | жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары |
| **КРӨ** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү |
| **КРӨТ** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому |
| **КР ПЖ** | Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы |
| **КР УКМК КК** | Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинин Коррупцияга каршы кеңеши |
| **КККК** | Коррупцияга каршы коомдук кеңеш |
| **ЖЧК** | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| **БУУ** | Бириккен Улуттар Уюму |

## ГЛОССАРИЙ

| | |
|---|---|
| **Мамлекеттик орган** | мамлекеттик бийликтин иш-милдеттерин жүзөгө ашырууга, аткаруу үчүн милдеттүү чечимдерди кабыл алууга жана алардын ишке ашырылышын камсыз кылууга ыйгарым укуктуу орган; |
| **Документ** | сактоо жана пайдалануу максатында мезгил жана мейкиндик боюнча берүү үчүн арналган, укуктук мааниге ээ, аны идентификациялоого мүмкүндүк берген реквизиттер менен материалдык алып жүрүүчүдө жазылган маалымат; |
| **Мыйзам** | аныкталган тартипте мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу органы тарабынан чыгарылган, негизги коомдук мамилелерди жөнгө салуучу жана жогорку юридикалык күчкө ээ ченемдик укуктук акт; |
| **Коррупция** | бийликтик ыйгарым укуктарга ээ болгон бир же бир нече кызмат адамдарынын айрым адамдар же топтор менен материалдык, кандай болбосун башка жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу, ошондой эле алар тарабынан бул жыргалчылыктарды жана артыкчылыктарды жеке жана юридикалык жактарга берүү, коомдун же мамлекеттин кызыкчылыктарына коркунуч түзүүчү укукка каршы туруктуу байланыштарды түзүүдө атайылап жасалган жосун». |
| **Компетенция** | мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын юридикалык жактан белгиленген укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы; |
| **Механизм** | мамлекеттик органдын коомдук кеңешинин өз ара иштешүүсүн уюштуруунун ыкмасы, мында өз ара иштешүүнүн максаттарын натыйжалуу жүзөгө ашырылышын камсыздоочу, өз ара иштешүүнүн ыкмалары, каражаттары жана принциптери өз ара байланышкан; |
| **Мониторинг** | негизги дайындарды (индикаторлорду) чогултуу жана талдоо процесси, төмөнкүлөрдү аныктоо үчүн: изилденүүчү иште же күтүлүүчү натыйжалар менен салыштыруу боюнча процессте кандай жылыштар же прогресс болду; |
| **Ченемдик укуктук акт** | мамлекеттик органдарынын укук ченемдерин белгилеген, өзгөрткөн же жокко чыгарган бийлик буйруктары. Ченемдик-укуктук актылардын багыты жалпы мүнөзгө ээ жана коомдук мамилелердин кандайдыр-бир түрүн жөнгө салууга багытталган, укуктун негизги булагы болуп саналышат; |
| **Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары** | жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү камсыз кылуучу өкүлчүлүктүү, аткаруучу органдар; |
| **Отчет** | Планды, тапшырманы аткаруу жөнүндө маалыматтарды камтыган документ; |
| **Жоопкерчилик** | белгиленген тапшырмаларды жана милдеттемелерди аткаруу милдети; аларды аткарбагандык үчүн зарыл моралдык, материалдык, административдик, жазык же башка жоопкерчилик чарасы; |

| | |
|---|---|
| **Баалоо** | жыйынтыкка жетүүнүн натыйжалуулугун аныктоонун, программаларды, долбоорлорду жүзөгө ашыруу процессин, ошондой эле алардын адекваттуулугунун жана иштиктүүлүгүн талдоонун куралы; |
| **Потенциал** | Белгиленген максатка жетүү, планды ишке ашыруу, кандайдыр-бир маселелерди чечүү үчүн мобилизацияланышы мүмкүн болгон каражаттардын, адамдын же уюмдун мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы; |
| **Ыйгарым укуктар** | мамлекеттик бийлик органдарынын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өздөрүнө жүктөлгөн иш-милдеттерди аткарууга багытталган белгилүү бир ишти жүзөгө ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган укугу. |
| **Текшерүү** | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруусу жана сактоосу боюнча мамлекеттик контролдун жана көзөмөлдүн кандай гана болбосун формасы; |
| **Коррупцияга каршы аракеттенүү** | мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коом институттарынын, уюмдардын жана жеке жактардын өз ыйгарым укуктарынын чектериндеги төмөнкү иши:<br>1) коррупциянын алдын алуу боюнча, анын ичинде коррупциянын себептерин аныктоо жана андан кийин четтетүү боюнча (коррупциянын алдын алуу);<br>2) коррупциялык укук бузууларды аныктоо, токтотуу, бетин ачуу жана тергөө боюнча (коррупцияга каршы күрөшүү);<br>3) коррупциялык укук бузуулардын кесепеттерин азайтуу, жоюу боюнча;<br>4) коррупциялык укук бузууларды аныктоодо, алдын алууда, токтотууда, бетин ачууда жана тергөөдө көмөк көрсөтүү боюнча; |
| **Текшерүүнүн предмети** | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына кирген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алар тарабынан сакталышы; |
| **Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар** | жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөргө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдар, алардын тизмегин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү иштеп чыгат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши бекитет. |
| **Функция** | калкка кызматтарды көрсөтүүгө байланышкан, мамлекеттик бийлик органдарынын жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш чөйрөсү; |

**1-тиркеме**

## Үлгү

### Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ак ниеттүү башкаруу (коррупциянын алдын алуу) боюнча иш-чараларынын планы

| № | Милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Жүзөгө ашыруу мөөнөтү | Жооптуу адамдар | Күтүлүүчү жыйынтыктар индикаторлор менен |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **1. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча жергиликтүү жамаат менен өз ара аракеттешүү боюнча чаралар** | | | | | |
| 1 | Коррупцияга каршы саясатты жүзөгө ашыруу | - Калк арасында коррупциянын алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;<br>- АӨ Коррупцияга каршы саясатынын планын иштеп чыгуу;<br>- АӨ тарабынан көрүлүп жаткан чаралар боюнча маалыматты жайгаштыруу;<br>- Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча АӨ жумушчуларынын потенциалын жогорулатуу | Зарылчылыкка жараша, бирок жылына 1 жолудан кем эмес | - Айыл өкмөтү;<br>- Айыл башчылары;<br>- Жергиликтүү кеңештин депутаттары | - ЖӨБ органдарынын Коррупцияга каршы саясат планынын болуусу;<br>- Коррупцияга каршы саясатты жүзөгө ашыруу боюнча АӨ чаралары боюнча маалыматка жеткиликти камсыздоо;<br>- Коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча калктын кабардар болуусун жогорулатуу;<br>-Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча АӨ жумушчуларынын потенциалын жогорулатуу |

[34] Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ак ниеттүү башкаруу (коррупциянын алдын алуу) боюнча иш-чараларынын планынын бул үлгүсү 2018-жылы, “Ийгиликтүү аймак” долбоорунун алкагында пилоттук айыл акмактар үчүн өткөрүлгөн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ак ниеттүү башкаруу боюнча тренингдердин практикалык иштеринин жыйынтыктарынын негизинде толтурулган.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу | - Жергиликтүү бюджетти иштеп чыгуу жана бекитүү;<br>- Жергиликтүү бюджеттин максаттуу аткарылышы;<br>- Жергиликтүү бюджетти түзүүдө жана аны аткаруунун жыйынтыктары боюнча коомдук угуулар | Аныкталган мөөнөттөргө ылайык | - Айыл өкмөтүнүн башчысы;<br>- Айыл өкмөтүнүн каржы бөлүмүнүн башчысы<br>- Жергиликтүү кеңештин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы | - Бюджеттин долбоору;<br>- Коомдук угуулардын протоколдору;<br>- Жергиликтүү кеңештин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусу;<br>- Жергиликтүү бюджетти бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому;<br>- Жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу боюнча маалыматты маалымат такталарына жайгаштыруу |
| 3 | Жергиликтүү жамаатка сапаттуу кызматтарды көрсөтүү | Айыл жыйындарын өткөрүү;<br>Коомдук угууларды өткөрүү | Дайыма | Айыл өкмөтү | - Айыл жыйындарынын протоколдору;<br>- Коомдук угуулардын протоколдору;<br>- Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн кайрылуулары жана билдирүүлөрү |
| 4 | «Бирдиктүү терезе»/»Бир эшик» уюштуруу аркылуу калкка кызматтарды көрсөтүү | Маалыматка жеткилик үчүн шарттарды түзүү | Отчеттук жылдын жыл ичинде | Айыл өкмөтү | - Калкка кызмат көрсөтүүлөрдүн мөөнөттөрүн кыскартуу;<br>- Калк үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу |
| 5 | Айылдын керектөөлөрүн жана муктаждыктарын изилдөө аркылуу айыл аймагынын керектөөлөрүн жана муктаждыктарын изилдөө | Айылдардын, жамааттардын же калктын ар кандай социалдык топторунун арасында фокус-топтордун деңгээлинде чакан жыйындарды, жыйналыштарды өткөрүү | Дайыма | - Айыл өкмөтү;<br>- Айыл башчылары;<br>- Жергиликтүү кеңештин депутаттары | - Чакан жыйындардын же фокус-топтордун протоколдору;<br>- Демилгелүү топтордун кайрылуулары жана сунуштары;<br>- Артыкчылыктуу жана/же биринчи кезектеги милдеттердин тизмелери |

| 2. Ак ниеттүү башкаруу (коррупциянын алдын алуу) саясатын камсыздоо боюнча ченемдик укуктук жана уюштуруучулук чаралар | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **№** | **Милдеттер** | **Чаралар/иш-аракеттер** | **Жүзөгө ашыруу мөөнөтү** | **Жооптуу адамдар** | **Күтүлүүчү жыйынтыктар индикаторлор менен** |
| 1 | АӨдө коррупцияга каршы саясатты жүзөгө ашыруу | - Ченемдик укуктук актылардын алкагында АӨ кызматкерлеринин функцияларын жана ыйгарым укуктарын талдоо;<br>- АӨ кызматкерлери үчүн коррупцияга каршы тобокелдиктерди аныктоо | Жылына 1 жолу | Айыл өкмөтү (анын ичинде кызматкерлери кызмат орундары боюнча) | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери үчүн коррупциялык тобокелдиктердин тизмесинин болуусу |
| 2 | | - Коррупцияга каршы чараларды иштеп чыгуу жана бекитүү;<br>- АӨдө коррупцияга каршы саясат боюнча мониторингдик комиссияны/топту түзүү | Жылына 1 жолу (1 квартал)<br>Дайыма | Айыл өкмөтү | АӨнүн коррупцияга каршы чараларынын болушу жана АӨдө коррупцияга каршы саясат боюнча мониторингдик топтун иштеши |
| 3 | КР мыйзамдарынын ченемдерин сактоо | - КР мыйзамдарынын ченемдерин инвентаризациялоо;<br>- КР мыйзамдарына киргизилген жаңылыктарга, өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго көз салуу | Дайыма | Айыл өкмөтү | Мыйзам ченемдерин туура колдонуу |
| 4 | Муниципалдык кызматкердин этикасын сактоо | - ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин этикасы боюнча жергиликтүү ЧУАларды иштеп чыгуу жана бекитүү | 1 жолу (зарылчылыкка жараша жаңыртылат) | - Айыл өкмөтү;<br>- Айылдык кеңеш | ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин этикасы боюнча жергиликтүү ченемдик укуктук актынын болуусу |
| 5 | ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттардын ортосунда ишенимдин деңгээлин жогорулатуу | - Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүн жигердүү тартуу;<br>- Бул аймак үчүн олуттуу мааниге ээ болгон биргелешкен иш-чараларды өткөрүү | Дайыма | - Айыл өкмөтү;<br>- Айылдык кеңеш | - Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамааттардын жигердүүлүгүн жогорулатуу;<br>- Биргелешкен иш-аракеттердин пландарынын болуусу |

**3. ЖӨБ органынын ишмердүүлүгүнүн ачыктыгын, айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоо боюнча чаралар**

| № | Милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Жүзөгө ашыруу мөөнөтү | Жооптуу адамдар | Күтүлүүчү жыйынтыктар индикаторлор менен |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | АӨ ишмердүүлүгү жөнүндө коомчулукту маалымдоо | - Коомдук угууларды өткөрүү;<br>- Айыл жыйындарын өткөрүү | Дайыма | - АӨ:<br>- Жергиликтүү кеңеш;<br>- Айыл башчылары | - Жергиликтүү жамааттын алдында айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыздоо;<br>- Чечимдерди кабыл алуу процессине жергиликтүү жамаатты тартуу |
| 2 | Айыл өкмөтүнүн стратегиялык планын иштеп чыгуу | - Иштеп чыгууга жергиликтүү жамаатты жана коомчулукту тартуу;<br>- Калктын ар кандай топторунун кызыкчылыктарын эске алуу;<br>- Жергиликтүү бюджеттин божомолдорун жана мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу;<br>- Стратегиялык пландын долбоорун коомдук талкуулоону өткөрүү | Эгерде:<br>- кыска мөөнөттүү (1-3 жылга)<br>- орто мөөнөттүү (3-5 жылга)<br>- узак мөөнөттүү (5-10 жылга) | - Айыл өкмөтү;<br>- Айылдык кеңеш | - АӨнүн бекитилген Стратегиялык планынын болуусу |
| 3 | Жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу | - Келерки жылга бюджетти түзүү боюнча бюджеттик угууларды өткөрүү;<br>- Жылдын/ жарым жылдын/ кварталдын жыйынтыктары боюнча бюджеттик отчетту угуу | Бюджет мыйзамдарында аныкталган мөөнөттөр | - АӨ:<br>- АК;<br>- АК Бюджеттик комиссиясы | - Айкындуулук;<br>- Отчеттуулук;<br>- Бюджеттик угууларды өткөрүү тажрыйбасы;<br>- Жергиликтүү бюджеттин ачык сессияларын өткөрүү;<br>- Маалымат такталарында тийиштүү отчетторду жайгаштыруу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Төмөнкү жерлерди берүү:<br>- Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фонду (АЖМФ);<br>- Жекече турак жай курулушу (ЖТК) үчүн | - Жер фондун келечекте колдонуунун планы тууралуу жергиликтүү жамааттын кабардарлыгын жогорулатуу;<br>- АЖМФ жерлерин берүүдө ачык тоорукtарды өткөрүү;<br>- ЖТК үчүн жер үлүшүн алууга кезекке тургандардын тизмесинин болуусу | Дайыма | - АӨ:<br>- АК;<br>- АК Жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясы;<br>- АК Жер маселелери боюнча комиссиясы | - Маалымат такталарында тийиштүү маалыматтарды жана отчеттору жайгаштыруу;<br>- АЖМФ жерлерин берүүдө ачык тооруктар;<br>- ЖТК үчүн жер участогун алууга кезекте тургандар боюнча маалыматка жергиликтүү жамааттын жеткилигин камсыздоо |
| 5 | Бош кызмат орундарына кызматкерлерди алуу | Бош кызмат орундарына кызматкерлерди алууда мыйзамдын ченемдерин жана талаптарын сактоо | Дайыма | - Конкурстук комиссия;<br>- АӨ башчысы;<br>- Жооптуу катчы; | Бош кызмат орундарына кызматкерлерди алууда тартип бузуулардын жоктугу |
| **4. Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө коррупциялык көрүнүштөрдү төмөндөтүү боюнча чаралар** | | | | | |
| **№** | **Милдеттер** | **Чаралар/иш-аракеттер** | **Жүзөгө ашыруу мөөнөтү** | **Жооптуу адамдар** | **Күтүлүүчү жыйынтыктар индикаторлор менен** |
| 1 | 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» КР Мыйзамын жүзөгө ашыруу (КР 2017-жылдын 30-майындагы №93 Мыйзамынын редакциясында) | - Сатып алуулар бөлүмүн түзүү;<br>- Электрондук портал боюнча иш тажрыйбасынын болуусу;<br>- Коомдук угууларды өткөрүү;<br>- Тендердик документацияны иштеп чыгуу | Зарылчылыкка жараша | - АӨ;<br>- Жергиликтүү кеңеш;<br>- Айыл башчылары | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Мамлекеттик сатып алууларды мыйзамдын аныкталган талаптарын бузуусуз жүргүзүү | - Бардык мамлекеттик сатып алуулар мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу жүргүзүлүшү керек;<br>- Кызмат көрсөтүүлөрдүн/товарлардын/жумуштардын жеткирүүчүлөрүнүн документтерин кабыл алуу | Мамлекеттик сатып алуулардын алкагына катышуучуларга/талапкерлерге каржы жана башка маселелер боюнча жабык маалыматтарды берүү | - Айыл өкмөтүнүн башчысы;<br>- Финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы;<br>- Тендердик комиссиянын мүчөлөрү | - Айыл өкмөтүнүн мамлекеттик сатып алуу процедураларын жүргүзүүчү кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатуу;<br>- Кадрлардын, анын ичинде тендердик комиссиясынын мүчөлөрүнүн квалификациясын дайыма жогорулатуу;<br>- Мамлекеттик сатып алуулардын жыйынтыктарынын коомдук мониторингин жүргүзүү |
| 3 | Мамлекеттик сатып алуулар боюнча комиссиянын ишмердүүлүгүн күчөтүү | - Сертификаты бар үчтөн кем эмес кызматкерлердин болуусун камсыздоо;<br>- Мамлекеттик сатып алуулар маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдарга киргизилүүчү жаңылыктар боюнча АӨ кызматкерлерин системалык түрдө окутуу/кайра окутуу | Дайыма | - Айыл өкмөтүнүн башчысы;<br>- Финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы;<br>- Мамлекеттик сатып алуулар боюнча комиссиянын мүчөлөрү | - Мамлекеттик сатып алууларды мыйзам чегинде жана тартип бузуусуз өткөрүү;<br>- Текшерүүчү органдар тарабынан мамлекеттик сатып алуулар боюнча комиссиянын сапаттык курамы боюнча эскертүүлөрдүн жоктугу |

## 5. ЖӨБ органдарында кызыкчылыктардын кагылышын жөнгө салуу боюнча чаралар

| № | Милдеттер | Чаралар/иш-аракеттер | Жүзөгө ашыруу мөөнөтү | Жооптуу адамдар | Күтүлүүчү жыйынтыктар индикаторлор менен |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | ЖӨБ органынын жумушчуларынын ортосунда келише албастыктарды жана келише албастык кырдаалдарын жөнгө салуу боюнча механизмдердин болуусу | - Этика жана АӨ кызматкерлеринин билдирүүлөрүн жана кайрылууларын аппеляциялык кароо боюнча комиссияны түзүү;<br>- Комиссиянын ишмердүүлүгүн активдештирүү | Дайыма | - АӨ башчысы;<br>- Этика жана АӨ кызматкерлеринин билдирүүлөрүн жана кайрылууларын аппеляциялык кароо боюнча комиссия; | - АӨ кызматкерлеринин ортосунда келише албастыктарды жөнгө салуу боюнча механизмдердин болуусу;<br>- АӨ кызматкерлеринин ортосунда келише албастыктар жөнгө салынган |
| 2 | Кызыкчылыктардын келишпестиги жөнүндө мыйзамды сактоо | - Кадрлар бөлүмү кызыкчылыктардын кагылышуусу жана мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарды бузуу предметине текшерүү иштерин жүргүзүүсү зарыл;<br>- Бош кызмат орундарына кызматкер алуу боюнча мыйзамдардын талаптарын катуу сактоо | Дайыма | - Конкурстук комиссия;<br>- АӨ башчысы | - Кызыкчылыктардын келишпестиги жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактоо;<br>- АӨ кызматкерлеринин ортосунда кызыкчылыктардын келишпестигинин алдын алуу |
| 3 | Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарды сактоо | - Кадрлар бөлүмү мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарды бузуу предметине текшерүү иштерин жүргүзүүсү зарыл;<br>- Бош кызмат орундарына кызматкер алуу боюнча мыйзамдардын талаптарын катуу сактоо | Дайыма | - Конкурстук комиссия;<br>- АӨ башчысы | - Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактоо |

## Үлгү

## ЖӨБ аткаруучу органынын айрым кызмат орундары үчүн коррупциялык тобокелдердин тизмеси жана аларды минималдаштыруу боюнча чаралар[35]

| № | Коррупциялык тобокелге ка-былуучу кызмат орду | Кызматтык ыйгарым укук-тар | Коррупциялык тобокел | Корруп-циялык тобо-келдин деңгээли | Коррупциялык тобокелди төмөн-дөтүү боюнча чаралар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **1. Айыл өкмөтүнүн башчысы үчүн коррупциялык тобокелдердин тизмеси, коррупциялык тобокелдерди жана аларды минимал-даштыруу боюнча чараларды сүрөттөө менен** | | | | | |
| 1 | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Айыл аймагынын террито-риясында ченемдик укуктук актыларды жүзөгө ашыруу | - Кызматтык ыйгарым укуктар-дан аша чабуу;<br>- Жеке кызыкчылык;<br>- Пара/белек талап кылуу | Жогору | - Ишмердүүлүктүн айкындуулугу жана отчеттуулугу;<br>-Ишмердүүлүк боюнча маалыматка жана отчетторго жеткиликтүүлүктү камсыздоо |
| 2 | | ЖӨБ аткаруу органынын иш-мердүүлүгүн уюштуруу (буй-руктар, тескемелер) | - Кызматтык ыйгарым укуктар-дан аша чабуу;<br>- Кабыл алынуучу чечимдерге жекече кызыгуу | Жогору | - Жергиликтүү кеңеш тарабынан контроль;<br>- Коомдук контроль/мониторинг;<br>- ЖӨБ органынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтын ачыктыгы;<br>- Ыйгарым укуктуу органдардын текшерүүлөрү |
| 3 | | Каржы документтерине бирин-чи кол коюу укугу | - Комиссиянын ишине кийли-гишүү укугу;<br>- Бюджеттик каражаттарды мак-сатсыз колдонуу | Жогору | - Жергиликтүү кеңеш тарабынан контроль;<br>- Ыйгарым укуктуу органдардын текшерүүлөрү |

[35] ЖӨБ аткаруу органынын айрым кызмат орундары үчүн коррупциялык тобокелдердин тизмесинин ушул үлгүсү жана аларды минималдаштыруу боюнча чаралар пилоттук айыл аймактарында өткөрүлгөн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында ак ниеттүү башкаруу боюнча тренингдердин практикалык иштеринин жыйынтыктарынын негизинде түзүлгөн.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | | Айыл өкмөтүнүн аппаратына, муниципалдык мекемелерге кызматкерлерди алуу жана айыл башчыларын дайындоо | - Кызматтык ыйгарым укуктардан аша чабуу;<br>- Жеке кызыкчылык;<br>- Опуза талап | Жогору | - Коомдук контроль жана мониторинг;<br>- Бош кызмат орундарына кызматкерлерди алуунун ачыктыгы жана айкындуулугу |

**2. Айыл өкмөтүнүн каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы үчүн коррупциялык тобокелдиктердин тизмеси, коррупциялык тобокелдиктерди жана аларды минималдаштыруу боюнча чараларды сүрөттөө менен**

| № | Коррупциялык тобокелге кабылуучу кызмат орду | Кызматтык ыйгарым укуктар | Коррупциялык тобокел | Коррупциялык тобокелдин деңгээли | Коррупциялык тобокелди төмөндөтүү боюнча чаралар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Айыл өкмөтүнүн каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы | Жергиликтүү бюджетти аткаруу | Бюджеттик каражаттарды максатсыз колдонуу | Жогору | - Айкындуулук жана отчеттуулук;<br>- Коомдук угууларды өткөрүү;<br>- Маалымат тактасында жергиликтүү бюджетти аткаруу боюнча отчетту жайгаштыруу |
| 2 | | АӨ кызматкерлеринин иш убактысынын табелин бекитүү | АӨ кызматкерлеринин иш убактысынын табелине өзгөртүүлөрдү киргизүү | Төмөн | АӨ кызматкерлеринин арасында алардын эмгек акыларын чегерүү процедуралары боюнча айкындуулукту камсыздоо |
| 3 | | Мамлекеттик сатып алуулардын порталында тендердик сатып алууларды кулактандыруу | Лоттун баасы жөнүндө маалыматты берүү | Жогору | - Тендердик комиссиянын ролун күчөтүү;<br>- Бул тартип бузуу үчүн жоопкерчиликти аныктоо |

**3. Айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы үчүн коррупциялык тобокелдердин тизмеси, коррупциялык тобокелдерди жана аларды минималдаштыруу боюнча чараларды сүрөттөө менен**

| № | Коррупциялык тобокелге кабылуучу кызмат орду | Кызматтык ыйгарым укуктар | Коррупциялык тобокел | Коррупциялык тобокелдин деңгээли | Коррупциялык тобокелди төмөндөтүү боюнча чаралар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жооптуу катчы; | Чарба китебин китебин жүргүзүү (анын ичинде дайындарды толтуруу жана өзгөртүү) | - Кызматтык ыйгарым укуктардан аша чабуу;<br>- Көз көрүнөө жалган маалыматты киргизүү;<br>- Пара/белек/ыраазычылык талап кылуу | Жогору | - Дайын базалын оптимизациялоо;<br>- Чарба китебин электрондук түрдө жүргүзүү |
| 2 | | Маалым кат жана чарба китебинен көчүрмөлөрдү берүү | - Көз көрүнөө жалган маалыматты берүү;<br>- Пара/белек/ыраазычылык талап кылуу | Жогору | Маалым каттарды жана чарба китебинен көчүрмөлөрдү акысыз алуу жөнүндө маалыматты маалымкат алуу жеринде жайгаштыруу |
| 3 | | Жергиликтүү кеңештин сессияларында иш кагаздарын жүргүзүү | - Жергиликтүү кеңештин чечимдеринин долбоорлорунун тексттерине өзгөртүүлөрдү киргизүү;<br>- Жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун тексттерине өзгөртүүлөрдү киргизүү | Жогору | Жергиликтүү кеңештин тийиштүү туруктуу комиссияларынын депутаттары тарабынан чечимдердин тексттеринин контролдонушу<br>Жергиликтүү кеңештин тийиштүү туруктуу комиссияларынын депутаттары тарабынан жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун тексттеринин контролдонушу |
| 4 | | Жергиликтүү кеңештин кабыл алынган чечимдери юридикалык күчүнө кирүүсү боюнча процедураларды жүргүзүү | Жергиликтүү кеңештин чечимдери юридикалык күчүнө кирүүсү боюнча процедураны жүргүзүүнүн мыйзамда аныкталган мөөнөттүн сактабоо | Орточо | Жергиликтүү кеңеш тарабынан туруктуу контроль |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | | Нотариалдык иш-аракеттерди аткаруу | Пара талап кылуу | Орточо | Мыйзамдын талаптарын аткаруу |
| **4. Айыл өкмөтүнүн жер боюнча адиси үчүн коррупциялык тобокелдердин тизмеси, коррупциялык тобокелдерди жана аларды минималдаштыруу боюнча чараларды сүрөттөө менен** | | | | | |
| **№** | **Коррупциялык тобокелге кабылуучу кызмат орду** | **Кызматтык ыйгарым укуктар** | **Коррупциялык тобокел** | **Коррупциялык тобокелдин деңгээли** | **Коррупциялык тобокелди төмөндөтүү боюнча чаралар** |
| 1 | Жер маселелери боюнча адис | АЖМФ жерлерин берүү боюнча конкурсту өткөрүүгө карата документтерди жана материалдарды даярдоо:<br>- Конкурс жарыялоо;<br>- Конкурс/аукцион өткөрүү/түздөн-түз берүү;<br>- Ижарага берүүчүнүн жана ижарага алуучунун ортосунда келишимдин долбоорун түзүү | - Жер участогунун лотунун баасын төмөндөтүү;<br>- Көрсөтүлгөн колдоо же документтерди кабыл алуу үчүн пара/белек талап кылуу;<br>- Катышуучулардын бирине анын утуп алуусу тууралуу убада берүү;<br>- Маалыматты кызыкдар тараптардын арасында гана таркатуу | Орточо | - Конкурс/аукцион/түздөн-түз тооруктарды өткөрүүдө айкындуулук жана отчеттуулук;<br>- Коомдук мониторинг;<br>- Өткөрүлгөн конкурс/аукцион/түздөн-түз тооруктардын жыйынтыктарынын жеткиликтүүлүгү<br>- АЖМФ жерлерин КРдин жер боюнча мыйзамдарына ылайык берүү;<br>- Жергиликтүү жамааттын арасында АЖМФ жерлерин келечекте колдонуу жөнүндө маалыматты таркатуу |
| 2 | | Жекече турак жай курулушу үчүн жер участогун берүү | - ЖТК үчүн жер участогун алууга кезекке тургандарды тизмеге башаламан кошуу, алардын кезектерин өзгөртүү;<br>- Мыйзамда көрсөтүлгөн тизмеден тышкары документтерди талап кылуу | Орточо | - ЖТК үчүн жер участогун алууга тизме боюнча маалыматтын ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү;<br>- Жер участогун берүү маселелерине коомдук контроль жана мониторинг |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | | Муниципалдык менчикти, анын ичинде, калктуу конуштардын жерлерин ижарага берүү | - Көрсөтүлгөн колдоо же документтерди кабыл алуу үчүн пара/белек талап кылуу;<br>- Маалыматты кызыкдар тараптардын арасында гана таркатуу | Орточо | - Муниципалдык менчиктин тизмеси боюнча маалыматтын ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү;<br>- АӨнүн ушул ишмердүүлүгүнө коомдук контроль жана мониторинг |
| 4 | | Сел жүрүү коркунучу бар (өзгөчө кооптуу) участоктордон жашоочуларды көчүрүү боюнча сунуштарды даярдоо | - Өзгөчө кырдаалды өз учурунда баалоого жөндөмсүздүк/мүмкүн эместик | Орточо | - АӨнүн жер боюнча адисинин потенциалын жогорулатуу;<br>- Сел жүрүү коркунучу бар жана өзгөчө кооптуу участоктор боюнча системалык отчеттуулук |
| 5 | | Калктуу конуштардын жерлерин башкаруу | Төмөнкү жерлердин тизмесин жана аянтын аныктоо:<br>- калктуу конуштардагы ээсиз жерлердин;<br>- мыйзамсыз басып алынган жер участокторунун | Орточо | - АӨнүн жер боюнча адисинин потенциалын жогорулатуу |
| **5. Айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча адиси үчүн коррупциялык тобокелдердин тизмеси, коррупциялык тобокелдерди жана аларды минималдаштыруу боюнча чараларды сүрөттөө менен** | | | | | |
| **№** | **Коррупциялык тобокелге кабылуучу кызмат орду** | **Кызматтык ыйгарым укуктар** | **Коррупциялык тобокел** | **Коррупциялык тобокелдин деңгээли** | **Коррупциялык тобокелди төмөндөтүү боюнча чаралар** |
| 1 | Социалдык кызматкер | Социалдык маселелер боюнча милдеттерди аткаруу | Иштерди жүргүзгөндүгү үчүн белектерди алуу/күтүү | Орточо | Айкындуулук жана отчеттуулук |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | | Калктын социалдык аялуу топторунун (аз камсыз болгон үй-бүлөлөр, жетим балдар, баатыр энелер, улгайган жарандар, ДМЧ адамдар, согуштун катышуучулары ж.б.) сапаттык жана сандык курамы боюнча дайындарды чогултуу (анык-тоо) | - Турак-жай тиричилик шарттарынын актын түзүүдө жалган маалыматтарды жазуу;<br>- Калктын социалдык аялуу топторунун тизмесине андай топко жатпаган адамдарды киргизүү | Орточо | - Айкындуулук жана отчеттуулук;<br>- Турак-жай-тиричилик шарттарын комиссиялык изилдөө;<br>- Билдирүүчүлөрдөн мыйзамда каралгандардан тышкары документтерди талап кылбоо |
| 3 | | Мамлекеттик жөлөк пулдарды алуучулар боюнча иштерди жүргүзүү; | - Алуучулар боюнча документтерди даярдагандыгы жана иштерди жүргүзгөндүгү үчүн белектерди алуу/күтүү;<br>- Турак-жай-тиричилик шарттарынын абалы жөнүндө актты түзүүдө көз көрүнөө жалган маалыматтарды киргизүү;<br>- Консультациялык жардам берүүдөн баш тартуу | Орточо | - Айкындуулук жана отчеттуулук;<br>- Турак-жай-тиричилик шарттарын комиссиялык изилдөө;<br>- Мыйзам ченемдерин сактоо жана билдирүүчүлөрдөн мыйзамда каралгандардан тышкары документтерди талап кылбоо |
| 4 | | Аз камсыз болгон үй-бүлөнүн социалдык паспортун толтуруу | - Көз көрүнөө жалган маалыматтарды киргизүү;<br>- Пара/белек талап кылуу же күтүү | Төмөн | - Аз камсыз болгон үй-бүлөнүн социалдык паспортун түзүү боюнча керектүү документтер жана процедуралар боюнча маалыматты жайгаштыруу;<br>- Жөлөк пул алуучулар боюнча маалыматтын ачыктыгы жана отчеттуулугу |
| 5 | | Материалдык жана/же гуманитардык жардам алууга баштапкы тизмени түзүү | - Жеке кызыкчылыктардан улам адамдарды тизмеге киргизүү (тааныштарды, туугандарды):<br>- Пара/белек талап кылуу | Орточо | - Жөлөк пул алуучулар, тизме боюнча маалыматтын ачыктыгы;<br>- Коомдук контроль жана мониторинг;<br>- Айыл башчылары менен тыгыз иштешүү |